# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ЯНВАРЬ 2020 | № 1 (99) чыгарылышы


Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:


### Элеттик ЖӨБдүн лидерлери

Кесипкөй айыл өкмөт башчы өзүнүн муниципалитетинде гана эмес, башкасында да ишти жолго сала алат ........2

### ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрү

Бузуулар жөнүндө кодекс менен кантип иштеш керек? ...........................10

Дени сак жаштар – дени сак калк! ...........................................15

### ӨСИнин жаңылыктары

Кыргызстанда мамлекеттик социалдык заказ механизми иштеп кете алдыбы? ................................20

Жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө гендердик жана социалдык абалды сезген ыкмаларды киргизүү темасы талкууланды........................22

Ачык Өкмөттүн Улуттук Форумунан Өнүктүрүү саясат институтуна ыраазычылык........................................................23

Кыргыз Республикасынын ЖӨБ жөнүндө Кодексинин долбоорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун көчмө жыйыны өттү.................................24

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү демилгелерин кантип колдой алат?........................................................25

“Жергиликтүү демилге – 2019” конкурсунун жыйынтыгы чыкты......................26

“Жарандардын жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө реалдуу катышуусу – 2019” конкурсунун жыйынтыгы чыкты..................27

“Жергиликтүү жамааттын муктаждыктарын эсепке алуу менен жергиликтүү деңгээлде пландоо - 2019” конкурсунун жыйынтыгы чыкты..................................28

Кайсы Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун тажрыйбасы мыкты деп таанылды? ............................29

Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы элчиси Нарын облусунун Кара-Суу айылдык аймагынын ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү менен жолугушту..................... 30

Гранттык долбоорлордун туруктуулугун камсыз кылуу процессинде мониторинг жана баалоонун ролу..............................31

ЖӨБЭММА жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчылары үчүн семинар өткөрүүдө .......32



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,**
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.
**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
ndobretsova@dpi.kg

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Кесипкөй айыл өкмөт башчы өзүнүн муниципалитетинде гана эмес, башкасында да ишти жолго сала алат

***Гуляим ШАМШИДИНОВА,*** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси,
***Татьяна ПОПОВА,*** журналист

***Бул макаланын каармандары Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун тургундары. Экөө тең айыл өкмөт башчы – Максат ДОРБАЕВ Ак-Чий айылдык аймагынын башчысы, ал эми Талгат МУКАЛАЕВ Жыргалаң айылдык аймагын жетектейт. Булардын окуясынын өзгөчөлүгү эмнеде? Алар өлкөнүн башка аймактарындагы кесиптештерине караганда кыска убакыт ичинде таң калтырарлык жыйынтыкка жете алгандыктан алардын тажрыйбасы менен кененирээк таанышууну чечтик. Дагы бир өзгөчөлүгү: жашоочулар аларга өздөрүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жетектеп берүүнү сунуш кылышты. Мунун өзү эле бул жетекчилердин кесипкөй деңгээлинен канчалык кабар берээрин ойлоп көрүңүзчү. Бул ошондой эле өз айылынын тагдырын жергиликтүү абройлуу адамга эмес, өз мекенинде кесипкөйлүк, жамаатты жаңыча, мүмкүн болушунча көбүрөөк пайдалуу иш-аракеттер менен жетектей алууга жөндөмдүү болгонун тастыктаган “варягга” ишенип берүүнү чечкен жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн ой жүгүртүүсү толугу менен өзгөргөнүнөн кабар берет.***

***Бир караганда эки башчынын ортосунда көп деле окшоштук жок – жаш курагы, билим деңгээли, жеке кызыкчылыктары ар башка. Бирок адамдар менен мамиле түзө алуу жөндөмү, адамдардын суроо-талаптарын түшүнүп, жамааттын эң орчундуу маселелесин чечүүгө башкаларды тарта алганы, элет жергесин өнүктүрүү стратегиясын бир топ алдыга көрө билүү жөндөмү экөөндө тең окшош болгондуктан, алар эгиздерге окшошуп кетишет.***

## Максат Дорбаев: издеп, сынап көрүш керек!

Максат Дорбаев 1984-жылы Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Ак-Чий айылында төрөлгөн. Ал үч балалуу үй-бүлөдө кенжеси болчу. 2002-жылы мектепти бүтүргөндөн кийин ал Ысык-Көл мамлекеттик университетинин (Каракол ш.) тарых факультетине тапшырган. Максаттын ата-бабасы өмүр бою ушул жерде мал багып, жер иштетип келгендиктен ал да ушул жолдон чыккан жок. Институтту бүтүргөндөн кийин Максат борбор калаада бир жылдай жүрүп, кичи мекенине – өз айылына кайтып келүүнү чечти. Адегенде эмгек жолун айыл өкмөтүнө статист-экономист болуп ишке кирүү менен баштайт. Андан соң салык инспектору болуп иштейт. 2012-жылы конкурска катышып, Ак-Чий айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы кызматын ээлейт. Ал маалда Максат үй-бүлө күтүп, үч баланын атасы болуп калган эле.

2012-жылдын май айында конкурста жеңүүчү деп табылып, Ак-Чий аймагы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитетине айланат. Максаттын айтымында, бул жамаат үчүн да, жеке өзү үчүн да бурулуш учур болуп калды. Максат мына ушул учурдан тартып анын жашоосунда абдан кызыктуу этап башталганын мойнуна алат. Жоопкерчиликтүү жана жаш адис катары Максатты Долбоордун муниципалитеттеги координатору катары шайлашат. Максаттын милдетине бардык уюштуруу иштери кирген. Бул ага өтө чоң практикалык тажрыйба берип, инсан катары өсүп-жетилүүсүнө көмөктөшкөн. Мунун баары көп өтпөй карьерасына да оң таасирин тийгизген.

Долбоордун иши түрдүү темалар боюнча окуу тренингдеринен башталган. Бул тренингдер катышуучуларга – жергиликтүү кеңештердин депутаттарына, айыл өкмөтүнүн адистерине, жергиликтүү жамааттын лидерлерине күнүмдүк ишинде колдоно алчу өтө көп кызыктуу жана пайдалуу маалыматтарды бере алган. Максат ошол тренингде алган билимдин үзүрү Долбоорду ишке ашыруу процессинде гана эмес, муниципалитеттин башчысы кызматында да тийип жатканын белгилейт.

Алгачкы тренингдерден кийин эле дароо практи-

калык иш башталган. Бул ишке АӨнүн бардык кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, коомдук лидерлер жана дээрлик бардык жамаат тартылган. Дорбаевдин айтымында, мындай масштабдуу иш-чаралар Ак-Чий аймагында буга чейин өткөрүлгөн эмес.

Адегенде бардык үч айылда тең элеттиктердин муктаждыктарын биргелешип аныктоо боюнча иш-чаралар өткөрүлдү. Анын жыйынтыгы боюнча аймактын алты артыкчылыктуу көйгөйү аныкталды. Түзүлгөн үч демилгелүү топ бул көйгөйлөрдү чечүү жолдорун карап чыгып, биргелешкен аракеттер планын даярдап чыгышты. Максат чукул арада оңдолушу керек болгон ички жолдордун ремонту өңдүү маселе менен алектенген топко кирди. Ошентип, белгиленген мөөнөттүн ичинде жалпы жамааттын жигердүү катышуусу менен алдыңкы планда турган көйгөйлөр чечилди.Максаттын айтымында, биргелешкен аракеттер планы жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча мыкты механизм болуп берди. Көйгөйлөрдү аныктоонун механизмин, демилгелүү топтордун өз ара аракеттенүү системасын түшүнүп, алдыга коюлган тапшырмаларды аткаруу жолдорун таба алгандан кийин элеттиктер өз күчүнө ишенишип, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мүмкүнчүлүктөрү кеңири болгонуна ынньшты. Мунун натыйжасында коомдук иш-чаралардын, элеттик чогулуштардын активдүүлүгү жана натыйжалуулугу да жогорулады. Долбоорду ишке ашыруу маалында жалпысынан 29 иш-чара өткөрүлүп, аларга 1674 адам катышты. Бул болсо аймак калкынын дээрлик жарымын түзөт. Булардын ичинен 582си же 32 пайызы аялдар болду.

Мындан тышкары жергиликтүү жамаат ЖӨБ органы чындап эле ачык-айкын болуп калганын көрдү. Бул да элдин ишенимине оң таасирин тийгизди.

2014-жылы айыл өкмөт башчысынын кызматтагы мөөнөтү соңуна чыгып, Максатты анын милдетин аткаруучу катары тандап алышкан. Бул кызматка талапкерлер арасында шайлоо өткөрүү тууралуу сөз болгондо, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү, жергиликтүү кеңештин айрым депутаттары Максатка өз талапкерлигин көрсөтүүнү сунуш кылышты. Бирок Максат ишеним көрсөткөнү үчүн ыраазычылыгын билдирип, баш тартууга аракет кылды. Ал: “Мен болгону 28 жаштамын. Мындай чоң ишенимди актай албай каламбы деп корком. Бул өтө жоопкерчиликтүү иш, мен аны жасай албай калышым ыктымал”,- деди.

Бирок бул сөздөр элдин оптимисттик маанайына таасирин тийгизе алган жок: “Биз сен кантип иштегениңди көрдүк – бардык маселени чече алаарыңды иш жүзүндө далилдеп бердиң. Сенин уюштуруучулук жөндөмүң күчтүү, адамдар менен иштегенди билесиң, алдыга койгон максатыңа жетесиң, бизге дал ушундай лидер керек. Анын үстүнө биздин аймакты жаштардан башка кимдер өнүктүрөт? Сага эл үмүт артууда, башкаларга караганда сен көбүрөөк пайда алып келээриңди билебиз”.

Мына ушундай мактоо сөздөрдөн кийин Максат сунуш тууралуу дагы бир жолу ойлонуп көрүп, кесиптештери, ЖӨБ чөйрөсүндөгү эксперттер, туугандары менен акылдашып, жаңы кызматта өзүн сыноого бел байлады. Ошентип 2014-жылдын август айында өткөн шайлоодо жергиликтүү кеңештин 11 депутатынын сегизи Максат үчүн добуш беришип, ал Ак-Чий аймагынын өкмөт башчысы болуп калды.



Максат өз ишин жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдар менен таанышуудан баштады. Бирок, биринчи кезекте кадр маселесин чечиши керек эле. Анткени төрт орун бош турган, эч ким жарыбаган айлыкка айыл өкмөткө ишке келүүнү каалаган эмес. Максат жаштарга басым жасап, алардын көбү менен жолугушуп, сүйлөшө баштады. Кээде “Жаштардан башка айылды, келечекти дагы ким ойлойт?” деп ынандырууга да туура келди. Максат аймак абдан жакшы өнүгөөрүн айтып, бул үчүн сабаттуу, заманбап технологияларды билген, башка ой жүгүрткөн, өз айылы үчүн күйүп-бышкан жаш адистер керек экенин тынбай айта берди. Мына ушул сөздөрдү тандалып алынган талапкерлерге гана эмес, алардын ата-энелерине да жеткириш керек эле. Себеби алар балдарынын соңку чечимине өтө чоң таасир тийгизет эмеспи. Натыйжада төрт жаңы адис ишке алынып, кадрлар арасында ротация жүргүзүлдү.

Кийинки кадам инвестицияларды издөө багытына жасалды. Себеби Ак-Чий аймагы дотацияда турат жана жергиликтүү бюджет ошол маалда болгону 5 745,8 миң сомду түзчү. Биринчи кезекте чукул арада мектептин жана ички жолдордун ремонту, бала бакча өңдүү артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечиш керек эле. Ошондуктан Максат өз командасы менен түрдүү долбоорлорго жана донордук уюмдарга өтүнмөлөрдү жибере баштаиты. Ошондой эле алар республикалык бюджеттен дем берүүчү грант сурап кайрылышты. Мындан тышкары аймактагы элдин, туугандардын жана тааныштардын ичинен демөөрчүлөрдү издеп жатышты. Натыйжада 2014-жылдан 2015-жылга чейинки мезгил аралыгында жергиликтүү бюджетке 89 миллион сом донордук каражат бөлүнгөн.

2014-жылдан 2019-жылдын августуна чейин инвестициялардын суммасы 367 млн. сомду түздү. Бул каражатка 29 долбоор ишке ашты. Алардын ичинен жетөө – жаңы курулуш объекттери. Алар: эки мектеп, эки спорт зал, чакан футбол аятнча, эки чоң көпүрө.

2015-жылы сотко берип, эки бала бакчанын има-

ратын кайтарып алышты, бири 150, экинчиси 50 орундуу бала бакча эле. Биринчисинде алты долбоор, экинчисинде бир долбоор ишке ашырылды. Бардык социалдык-маданий имараттардын жана сейил бактардын тегерек чети тосмолонуп чыкты, мектепке капиталдык ремонт жасалды, клубдун жыйындар залы толугу менен реконструкцияланды, мектепте ашкана ачылды, үч айылдын ичинде жолдордун алты километрине асфальт төшөлдү, көчөлөрдүн 23 километри оңдолду, бир айылга таза суу жетти, үч айылдын ар биринде көчөлөр жаңы технология боюнча жарыктандырылды, 46 чакан көпүрө курулду.


2015-жылы биринчи биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу мөөнөтү аяктады. Бул план 2013-жылы Долбоордун жардамы менен иштелип чыккан эле. Эми ыргакты азайтпастан, мындан аркы жолду уланта бериш керек болчу. Бирок жаңы биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгууга жардам да зарыл эле. Ошондуктан 2016-жылдын март айында Максаттын жетекчилиги алдында анын командасы жана жергиликтүү кеңештин депутаттары, жергиликтүү жамааттын лидерлери бардык эрежелерди жана жолжоболорду сактап, үч айылда ЖМБА-сессияларын өткөрүшкөн. Натыйжада 12 артыкчылыктуу көйгөй аныкталып, 2016-2019-жылдарга БАП иштелип чыгып, ал айылдык кеңештин сессиясында бир добуштан бекитилди. 2019-жылдын август айына карата БАПтын 85 пайызы ишке ашырылды.

Ак-Чий аймагынын жетишкендиктери жана анын башчысы Максат ДОРБАЕВдин “феномени” тууралуу жергиликтүү жана республикалык гезиттер жаза башташты. Анын командасынын дарегине министрликтерден, агенттиктерден, мамкызматтардан, эл аралык донорлордон, түрдүү долбоорлор боюнча өнөктөштөрдөн ыраазычылык каттары түшө баштады. Максат жана анын командасы жасаган иши үчүн элүүдөн ашык Ардак грамота менен сыйланышты. 2016-2017-жылдардын жыйынтыгы боюнча М.Дорбаев “Ак-Суу районунун мыкты айыл өкмөт башчысы” наамын алды.

Мындан тышкары 2016-жылы “Мыкты айыл өкмөтү” аттуу республикалык сынакта Ак-Чий АӨ экинчи орунду ээлеген. Байге катары өкмөттөн бир миллион сом алган. Муниципалитет маданиятты өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ийгиликтери үчүн бир нече жолу байгелүү орундарды ээлеген. Ал эми Максат 2018-жылы республиканын премьер-министринин колунан алтын саат түрүндө сыйлык алган.

Максат ДОРБАЕВдин тажрыйбасы бүгүнкү күндө далилденди, анык жана өтө зарыл. Аны түрдүү мамлекеттик структураларга, эл аралык уюмдарга тынбай чакырып турушат. 2019-жылы мындай сунуш Ноокат районунун Бел айылдык аймагынан түштү – буга чейин түндүктүн өкүлүн түштүк аймагындагы муниципалитетке иштеп берүүгө чакырган мындай көрүнүш болгон эмес – кесиптештердин сый-урматына ар бир адам эле ээ боло бербейт.

Максат адегенде бул сунуштан баш тартайын деген. Биринчиден, кичи мекенинен алыс аймакка барып жашаш керек эле. Экинчиден, “өз жеримде жараткан ийгиликти башка муниципалитетте кайталай аламбы?” деген кооптонуу да болду. Бирок биринчи сунуштун артынан экинчиси да, үчүнчүсү да болуп, Бел айылдык аймагынын көшөргөн тургундары акыры Максатты ынандыра алышты. Бирок Максат адегенде Бел айылдык аймагына барып, азырынча көп тааныш болбогон, бирок чоң кызыгууну жаратып жаткан муниципалитет менен жеринен таанышып чыкты. Акыры чечим кабыл алынып, Максат Бел айылдын аймагынын башчылыгына өз талапкерлигин койду. Шайлоо 2020-жылдын январь айында өтүп, айылдык кеңештин 21 депутатынын 16сы катышып, алардын 15и Максат үчүн добушун беришти. Максат өзү болсо буларды айтты: “Таптакыр башка муниципалитетте, жергиликтүү жамааттын менталитети жана салт-санаасы такыр башкача болгон жерде тажрыйба алууну каалаймын. Ак-Чий ААда калктын саны 3500 адамды түзөт. Ал эми Бел ААда дээрлик төрт эсе көп экен – 12 000 адам жашайт. Бирок буга чейин бейтааныш чөйрөдө өз дараметимди ачуу ошончолук кызык болот да. Бел аймагынын жашоочуларынын чоң ишенимин акташым керек. Ишимди эмнеден баштагым келет? ЖӨБ органынын ишин ачык-айкындуулуктун негизинде жолго салуу зарыл, ошондо элде жергиликтүү бийликке болгон ишеним көбөйөт. Көбүрөөк инвестицияларды тартууну пландап жатам. Айылдык кеңештин депутаттары окутуу жана квалификацияны жогорулатуу аркылуу айыл





өкмөт аппаратынын ишин жакшыртууну суранып жатышат. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунан алган болгон билимимди жана көндүмдөрдү ушул жерден колдоноюн деп жатам: ЖМБА-сессиялары аркылуу артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктайбыз, Биргелешкен иш-аракеттер планын даярдап чыгабыз, жарандардын демилгелүү топторун, биргелешкен мониторинг жана баалоо топторун түзөбүз, чогулуштарды жана бюджеттик коомдук угууларды өткөрөбүз. Айыл өкмөтүнүн ишин талаптагыдай деңгээлге чыгара ала тургандай уюштуруп, көбүрөөк жыйынтыкка жете алам деп ишенем. Бул жыйынтыктар Бел ААнын өнүгүүсү үчүн пайдубал түзүп берет деп эсептейм. Долбоордун жардамы менен Жалал-Абад, Ош жана Ысык-Көл облустарындагы максаттуу муниципалитеттердин башчылары менен бекем байланыш түзө алдым. Мен алар менен дайыма байланышта турам, интернет жана телефон аркылуу тажрыйба алмашып турабыз. Жаңы муниципалитетте башчы катары өз кесиптештерим менен мындан да тыгыз байланышып турууну пландап жатам".

Келечекке карай жеке пландары тууралуу айта турган болсок, мыкты уюштуруучулук жөндөмдүүлүккө ээ болгон, пландарды ишке ашырууга жана жалпы эле ишке сабаттуу мамиле жасаган адис Максатка суроо-талап көп болот, ошондуктан ал эч качан иш-сиз калбайт. Максат кыялданып эле отура бербейт, ал өз келечегине реалдуу мамиле жасайт жана объективдүү нерселерди айттууда: "Бир жерде кандайдыр бир жыйынтыкка жете алсаң, анда үстүндө отуруп алып, ырахат ала берүүгө болбойт. Дайыма изденип, өзүңдү башка жерлерде да сынап көрүшүң керек. Айыл өкмөт башчысы катары ушул жердеги мөөнөтүм бүткөндөн кийин ушул эле чөйрөдө башка деңгээлде иштеп көрүүгө аракет кылам. Алыс кетпейм, аймактарды өнүктүрүү менен алектене бермекчимин. Келечекте биздин өлкө дүйнөдөгү эң өнүккөн мамлекеттердин катарына кирет деп ишенем. Бул үчүн биринчи кезекте бийликтин бардык деңгээлдериндеги жемкорлукту жок кылып, туруктуулукка жетип, жаңы жумуш орундарын түзүп, биздин өлкөбүздүн жаркын келечегине ишениш керек".

## Талгат МУКАЛАЕВ: көрүп, үйрөнүп, ишке ашыруу!

Талгат МУКАЛАЕВ 1975-жылы Бишкекте төрөлгөн. Ал төрт баланын улуусу болчу. Баланын атасы өмүр боюнча курулуш уюмунда иштеп келди, апасы – үй кожойкеси. Ата-эне балдарын билимдүү болуп, ийгиликке жетишин каалагандыктан төрт баласы тең жогорку билимге ээ болушту. Мектепти бүткөндөн кийин эле Талгат Токмок агроөнөр жай колледжине тапшырып, бул окуу жайын ийгиликтүү аяктаган. Ал эми 2008-жылы Москва ишкерчилик жана укук институтунун Караколдогу филиалынын юриспруденция факультетин сырттан бүтүргөн.

Талгат эмгек жолун спорт комитетинен баштайт. Өз айылындагы клубдун жетекчиси болуп бир аз иштегенден кийин курулуш компанияларынын бирине директордун орун басары болуп орношот.



Жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы карьерасы тууралуу айта турган болсок, бул жол 2004-жылы Талгат Кара-Жал аймагынын жергиликтүү кеңешине депутат болуп шайланганда башталган. 2010-жылы Талгатты айыл старостасы кылып шайлашат. Ал эми 2013-жылы кайрадан айылдык кеңештин депутаты болот. Ошол эле жылы айылдык кеңештин төрагасы болуп шайланган. 2015-жылы аны Жыргалаң айыл өкмөт башчысы кызматына чакырышкан эле. Ошондон бери Талгат бул кызматты аркалап келатат.

ЖӨБдогу алгачкы жылдарын эстегенде ал биринчи кезекте кыйынчылыктарга токтолот. Алардын эң оору – бийликтин аткаруу жана өкүлчүлүктүү булактары ортосундагы ачык тиреш. Башкача айтканда, муниципалитеттин адистери менен кеңештин депутаттары функционалдык милдеттерин жана ыйгарым укуктарын так түшүнө алышчу эмес, мыйзамдык базаны жакшы билишчү эмес. Ар бири "өз көмөчүнө күл тартып", мындан улам жергиликтүү жамааттын да жолу болбой койду. Буга кошумча, Кара-Жал аймагы дотацияда турат, ушундан улам, мисалы, бюджеттик чыгымдарга байланышкан маселелерди чечүүдө мунаса табыш керек эле. Бирок адатта бул өтө узакка созулган, ызы-чуу коштолгон процесске айланып кетчү. Натыйжада иш өтө чукул убакыт ичинде, өтө көп нерв коротуу менен бүтчү. Мунун баарын эл көрүп тургандыктан жергиликтүү бийликтин мүмкүнчүлүктөрүнө да ишеними да азайган. Бул, албетте, адамдардын маанайына да таасирин тийгизген – күлүп-жайнап жүргөндөр аз эле.

2014-жылы Кара-Жал аймагы Ысык-Көл облусундагы башка тогуз муниципалитет менен кошо ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитети болуп калган. Ошол учурду Талгат мындай деп эскерет: "Кара-Жал АА Долбоорду ишке ашыруунун алкагында жигердүү ишти баштаган мезгил чындап эле "алтын доор" болду. Биз элди ойготуп, жергиликтүү маанидеги иштерге жана бюджеттик процесстерге дээрлик бардык жамааттын активдүү катышуусуна жетише алдык. Биз чоң жана маанилүү окуялардын айлампасына кирип кеткендей болдук.

Жыл ичинде отузга жакын түрдүү иш-чаралар, анын ичинде тренингдер, чогулуштар, жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо иштери, бюджеттик угуулар, жумушчу жолугушуулар өттү. Иш-

тин түрдүү багыттары боюнча демилгелүү топтор түзүлүп, аныкталган көйгөйлөргө биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүлдү. Буга 1182 адам катышып, алардын ичинен 308и аялдар болду. Аймактагы элдин саны 5083 болгонун эске алганда, алардын 23 пайызы жигердүү коомдук турмушка тартылды десек болот. Мындан тышкары долбоордун үстүнөн иштөө процессинде муниципалдык кызматкерлер менен депутаттар тил табыша алды. Алардын ишинде ачык-айкындуулук болуп, элдин да жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына болгон ишеними артты. Бул болсо аймактагы биринчи кезекте чечилиши керек болгон тапшырмаларды аткарууда калктын жигердүүлүгүнө оң таасирин тийгизди. Ошол маалда алган тажрыйбаны ушул кезге чейин ишимде колдонуп келатам".

Адаттагыдай эле биринчи кезекте депутаттар жана АӨ адистери, жамааттын лидерлери, мекемелердин, коомдук уюмдардын жана жамааттардын жетекчилери Долбоордун окуу тренингдерине катышты. Жети тема боюнча өткөн тренингдерге жалпысынан 156 адам, анын ичинде 39 аял катышты. Аймакта түзүлгөн кырдаалды изилдеп, артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо үчүн 12 ЖМБА-сессия өткөрүлдү (447 адам, анын ичинде 131 аял катышты).

Ошентип, жергиликтүү жамааттын 12 артыкчылыктуу көйгөйү аныкталып, аларды чечүү үчүн төрт демилгелүү топ түзүлдү. Бул топтун саны жана курамы айыл өкмөтү менен жергиликтүү кеңештин биргелешкен жыйынында бекитилди. Андан соң биринчи кезекте чечилиши керек болгон көйгөйлөр боюнча биргелешкен иш-аракеттер планы даярдалып, аны депутаттар бекитишти. Бирок БАПты ишке ашырууга каражат табуу негизги маселе болчу. Себеби ал маалда жергиликтүү бюджетте болгону үч миллион сом бар эле. Инвестицияларды издөө аракетинен майнап чыгып, 13 338 179 сом табылды. Ошентип, 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү бюджеттин суммасы 5 327 700 сомго көтөрүлдү. Долбоордун гранттык программаларына катышып, Кара-Жал аймагы "Таза суу – өмүр булагы" аттуу долбоорду ишке ашырууга бир миллион сом грант утуп алды. Бул долбоор суу жабдууларын жаңылоого жана скважинаны тазалоого багытталган. Долбоор ишке ашып, натыйжада ичүүчү суунун сапаты жана көлөмү жакшырды. Андан кийинки жылы 400 000 сом көлөмүндө грант




утуп алып, ал "Спорттун чебери" долбоорун ишке ашырууга багытталды. Мунун алкагында аймактагы төрт айыл үчүн спорт шаймандары сатып алынды.

2014-жылдын бюджети жана 2015-жылга бюджеттин долбоору боюнча коомдук угуулар, түрдүү маанилүү темалар боюнча төрт элеттик чогулуш жашоочулардын жигердүү катышуусу менен өттү. Жети адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу иштей баштады. Бул топ айылдык кеңештин 2014-жылдын июнь айындагы токтому менен мыйзамдуу иштеп жатат. Долбоордун жана жергиликтүү бюджеттин жардамы менен аймакта тогуз жаңы маалымат тактасы орнотулду.

2014-жылдын жай мезгилинде Талгат жарандарды бюджеттик процесске жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу практикасы боюнча тажрыйба алмашуу сапарына катышкан. Бул иш-чарага Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын 21 айылдык аймагынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун 51 өкүлү катышкан эле. Жергиликтүү кеңештин, айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү жамааттын өз ара аракеттенүү системасы талкуунун негизги темасы болгон. Катышуучулар ачык сессия өткөрүүнүн мисалында жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ишин талдап чыгышкан. Бул ачык сессия Жалал-Абад облусундагы Тогуз-Торо жана Көк-Ирим айылдык кеңештеринин Регламентинин жаңы редакциясына ылайык өткөрүлгөн. Тогуз-Торо айылдык кеңешинин ачык сессиясынын күн тартибинде төмөнкү маселелер турган: АӨ башчысынын 2014-жылдын биринчи жарым жылы үчүн отчету, анын ичинде биргелешкен аракеттер планынын ишке ашырылышы тууралуу отчет, туруктуу комиссияларда, биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунда жыйынтыкты талкуулоо.

Коноктордон тышкары ачык сессияга Тогуз-Торо аймагынын жергиликтүү тургундары (39 адам, анын ичинде 18 аял) катышты. Талгат мындай иш өтө пайдалуу экенин белгилейт:

"Мен айылдык кеңештин сессиясын өткөрүүнүн жол-жобосун так түшүндүм, туруктуу комиссиялардын ишиндеги өзгөчөлүктөрдү, анын канчалык маанилүү болгонун баамдадым. Мындан тышкары айыл өкмөтү менен жергиликтүү кеңештин ортосундагы айрым процедуралык маселелер анык болду. Бул болсо биздин аймактагы депутаттык корпустун ишин өркүндөтүү үчүн башат болуп берди".

2014-жылдын ноябрь айында Долбоордун алкагында Кара-Жал аймагында "Жарандарды бюджеттик процесске жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу практикасы: Ысык-Көл облусунун айылдык аймактарындагы айылдык кеңештин, айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү жамааттын өз ара аракеттенүү системасы" деген темада тажрыйба алмашуу сапары өттү. Иш-чара тогуз максаттуу муниципалитеттин жергиликтүү кеңештеринин төрагалары жана жооптуу катчылары үчүн уюштурулуп, ага Ак-Суу районундагы 13 айылдык аймактын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү катышкан.

Депутаттардын иши бул жолу да тажрыйба алмашуу сапарынын негизги темасына айланды. Бирок бул жолу катышуучулар Кара-Жал айылдык кеңешинин регламентинин жаңы редакциясы боюнча өткөн ачык сессияга күбө болушту. Бул сессияда туруктуу комиссиялардын корутундуларын даярдоонун жыйынтыктары тууралуу сөз болду.

Сессияга айылдык кеңештин 11 депутатынын тогузу, жергиликтүү жамааттын 25 өкүлү, айыл өкмөтүнүн 8 адиси катышты. Күн тартибинде: 2014-жылы инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча өткөрүлгөн иш-чаралар, бул багытта 2015-2017-жылдары жасалчу иштердин планы тууралуу АӨ башчысынын маалыматы.

Туруктуу комиссиялардын ишинин жыйынтыгы тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучуларында өзгөчө кызыгууну пайда кылды. Бул комиссиялардын корутундулары аткаруучу органдын инвестицияларды тартуу жана аларды колдонуу боюнча ишине биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн негизинде түзүлгөн.

Бардык катышуучулар бул иш-чарага жогорку баасын берип, ЖӨБ органдарынын ишинде чыныгы ачык-айкындуулукка жетүүдө билим берген өтө пайдалуу иш-чара болгонун белгилешкен. Катышуучулардын айтымында, Кара-Жал айылдык кеңешинин сессиясы өтө жогорку деңгээлде өтүп, депутаттардын кесипкөйлүгүн тастыктады. Туруктуу комиссиялардын алдын-ала даярдаган иши, алар чыгарган корутундулар, депутаттардын тилектештиги, жигердүүлүгү, уюштуруучулугу жана компетенттүүлүгү, кеңештин төрагасынын эл ичиндеги аброю, айылдык кеңештин төрагасы менен айыл өкмөт башчынын тыгыз иш алып барганы, донорлор жана долбоорлор менен эффективдүү иш да өзгөчө белгиленген.

Учурда ЖӨБ маселелеринде тажрыйбалуу эксперт болуп калган Т.Мукалаев ошондон бери бир топ жыл өтсө да көп муниципалитеттердин айылдык кеңештеринин сессиялары азыркы күнгө чейин туура эмес өтүп жатканын белгилейт: сессия өтчү күн чукул мөөнөттө, башаламан, алдын-ала пландалбастан белгиленет, суроолор туруктуу комиссияларда каралбастан сессияга чыгарылат, маселелер дыкат изилденбейт, аткаруу мөөнөттөрү эспке алынбайт ж.б. Бул бир гана нерседен кабар берет – кеңештердин сессиялары көп учурда формалдуу түрдө, жамааттын муктаждыктарын чындап эсепке албастан өткөрүлүүдө. Бул маселени Талгат бардык жолугушууларда, семинарларда, тегерек стол талкууларында жана конференцияларда кесиптештерине ачык айтып жүрөт. Талгат кесиптештеринен жергиликтүү кеңештердин сессияларын өткөрүү эрежелерин, тартибин жана регламентин, туруктуу комиссиялардын иш тартибин сактоону өтүнөт.

Талгат райондо гана эмес, анын тышында да белгилүү инсан болуп калды. Талгат тууралуу жергиликтүү жана облустук гезиттер байма-бай жазышты. Ошентип, 2015-жылы Ак-Суу районунун Жыргалаң аймагынын айылдык кеңешинин депутаттары Талгатка айыл өкмөт башчылыкка талапкерлигин коюуну сунуш кылышты.



Мукалаев үчүн бул күтүүсүз сунуш болду. Өтө жупуну адам болгондуктан ал өзүн өзгөчө бир инсан жана бул жаатта мыкты адис катары эсептечү эмес. Анын үстүнө ортодогу аралык да узак эле – үйүнөн 72 км алыс кетиши керек болчу. Буга кошумча башка жамаат, башка кулк-мүнөз дегендей, же ал жакта таанышы же тууганы болбосо... Ошондуктан башында көпкө макул болгон жок. Бирок жыргалаңдыктар анын жообун бир айдан ашык сабырдуулук менен күтүп жатышты. Талгат болсо кесиптештеринен, досторунан кеңеш сурап, ЖӨБ чөйрөсүндөгү эксперттерге да кайрылды. Акыры Талгат шайлоого катышуу тууралуу чечим кабыл алды. Натыйжада 11 депутаттын жетөө Талгатка добушун берип, муну менен ишеним артышты.

Муниципалитеттин башына келээр замат Талгат Жыргалаң аймагынын социалдык-экономикалык абалы менен жакындан таанышып чыкты. Совет маалында Жыргалаңда көмүр шахтасы иштеп, калктын саны да көп болчу, бул аймак Москванын камсыздоосунда болгондуктан бир кыйла гүлдөп-өнүккөн. Бирок бүгүн Жыргалаңдын абалы чеке жылытпайт. Акыркы 25 жыл ичинде көмүр шахтасы да, аны менен кошо шаар тибиндеги посёлок да оор абалга кептелди. Турмуш шарттын начардыгынан адамдар үй жайын таштап, башка жакка көчүп кетишкен.

Алгачкы чогулушта эле жаңы дайындалган айыл өкмөт башчы элди биримдикке чакырды. “Себеби чогуу гана ийгиликке жетүүгө болот”, - деди. Талгат эч кимден жардам күтпөй турганын ачык айтканда эле жергиликтүү тургундар жаңы лидердин ушинтип түз сүйлөп, ачык айтканына баа берип, ага колдоо көрсөтөрүн айтышты.

Бирок муниципалдык активисттердин алдында оор иш турган эле – коомдук турмуштан оолак болуп калган адамдардын башын бир жерге чогултуу өтө чоң көйгөй эле. Бул үчүн ар бир айылда жамааттарды жана кварталдык комитеттерди түзүп, алар аркылуу элди чогулта башташты. Талгат долбоордун Кара-Жал аймагындагы иш ыкмасын унуткан эмес, ошондуктан жарандарды бюджеттик процесске катыштыруу моделин жигердүү колдоно баштады. Андан соң айыл өкмөтүнүн чогулушунда артыкчылыктуу көйгөйлөр аныкталып, биргелешкен иш-аракеттер





планы жана аймакты экономикалык жактан өнүктүрүү боюнча стратегиялык план даярдалды. Ошентип, көп адамдын катышуусунда чогулуштар жана коомдук бюджеттик угуулар өтө баштады. Бирок дотацияда турган Жыргалаң аймагынын жергиликтүү бюджетинде 515 миң сом гана болгондуктан, бул акча эч нерсеге жеткен эмес.

Жергиликтүү бюджетти жана алдыга коюлган тапшырмалардын масштабын эсепке алып, Талгат өз командасы менен ар бир артыкчылыктуу көйгөй боюнча долбоор иштеп чыгышты. Алар донордук уюмдарга гранттык өтүнмөлөрдү тапшырышты. Ошентип, 56 миллион сомго инвестиция тартууга мүмкүн болду. Бул акчага ФАПтын имаратын, заманбап футбол аянтын куруп, жаңы сейил бак үчүн даярдык иштерин баштап, клубдун имаратын, мектептерди, спорт залдарды жана мечитттерди толугу менен оңдоп чыгышты. Аймактагы бардык айылдардын көчөлөрүнө жарык келип, бул үчүн 1 млн. 200 миң сом сарпталды.

Жыл сайын аймакта кар оор түшөт. Калың кардын айынан аймактын турмуш тиричилигин камсыз кылып турган коммуникациялык байланыш да иштен чыгып, жолдор жабылат. Ал эми карды тазалоо үчүн эч кандай техника жок. Ондогон жылдар бою чечилбей келаткан бул көйгөйдү АРИСтин инвестициясынын жардамы менен чечүүгө мүмкүн болду. АРИС бульдозер жана экскаватор-жүктөгүч сатып берди. Эми кар калың түшкөндө элеттиктер өздөрүн ээн аралда калгандай сезишпейт.

Жаңы айыл өкмөт башчы өзгөчө көңүлдү мектепте жана мектепке чейинки билим берүүгө бурду. 200 орундуу бала бакчанын имаратын муниципалдык менчикке кайтаруу аймактын жаңы башчысынын чоң жетишкендиги болуп калды. Бул имарат белгисиз себептерден улам “Жыргалаң шахтасы” акционердик коомунун менчигине өтүп кеткен. Бул маселени чечүү үчүн сотко да кайрылууга туура келди. Бирок бул аракеттер өзүн актады. Ушул тапта имаратка капиталдык ремонт жасалууда. Имаратты оңдоого жалпысынан 17 миллион сом талап кылынат. Ошондуктан ремонт иштери мүмкүнчүлүккө жараша жасалууда, ал эми ЖӨБ башчысы акча издөөдө.

Окуучулардан баштап жергиликтүү кеңештин депутаттарына чейин дем берип, жигердүү болууга шыктандыруу максатында түрдүү экскурсиялар өткөрүлүп турат. Мисалы, жыргалаңдыктар Жогорку Кеңештин сессиясына катышкан, Чолпон-Атага жана Бишкекке барып келишкен, Чүй, Нарын облустарын түрө кыдырышты, Ч. АЙТМАТОВдун 90 жылдыгына карата өткөрүлгөн иш-чараларга катышуу үчүн Талас облусунда болушту. Ал эми 2019-жылы Жалал-Абад жана Ош облустарын кыдырышты. Бул сапарлардын жүрүшүндө Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Шайдан айыл аймагы менен тыгыз мамилелер түзүлдү. Эми эки муниципалитеттин ортосунда тажрыйба алмашуу сапарларын уюштуруу пландалды.

Талгат жамаат үчүн өтө орчундуу маселелердин бирин чече алганына ыраазы. Бул – аймакты электр энергиясы менен жабдуу маселеси эле. Узак жылдар бою энергия менен ортомчу компания камсыздап келген. Бул компания мамлекетке 23 миллион сом карыз болчу. Ошондуктан аймактагы айылдарда свет көп өчүрүлчү. Айыл өкмөт башчысы бул маселени чечүү үчүн Ысык-Көл облусунун губернаторуна жана Жогорку Кеңештин депутаттарына расмий түрдө кайрылган. Акыры, биргелешкен күч-аракеттер менен электр энергиясын бөлүштүрүүнү башкаруу милдети РЭСке кайтарылып, азыр жарык такыр өчпөй калды. Ошентип жергиликтүү элдин дагы бир көйгөйү чечилип, жеңилдей түштү.

Т. МУКАЛАЕВ аймакты өнүктүрүүдөгү маанилүү багыт деп туризмди атайт. Себеби Жыргалаң – Ысык-Көл курорттук зонасында гана эмес, республика боюнча да эң кооз аймактардын бири. Бул тема боюнча муниципалитеттин адистери долбоор даярдап беришкен. Ал эми Талгат жергиликтүү ишкер Эмил ИБАКОВго кайрылган. Ишкер идеяны колдоого алып, ЖӨБ органдары менен чогуу туризм тармагын өнүктүрө баштады. Алар ЮСАИДге кайрылып, окуу түрүндө техникалык жардам алышты. Долбоордун алкагында эл арасында тренингдер уюштурулуп, интернет аркылуу өлкөнүн булуң-бурчуна жайылган рекламалык өнөктүк жүргүзгөн. Бул иштин натыйжасында дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн туристтер келе баштады. Алар үчүн турпродукт иштелип чыгып, аймактын картасы, каттамдар, турлар буклет түрүндө басылып чыкты. Ошентип, өткөн жылы аймакка жакынкы жана алыскы өлкөлөрдөн үч миңден ашык турист келди.

Муниципалитеттин күч-аракети жана жардамы менен жергиликтүү эл бардык заманбап стандарттар боюнча мейманкана бизнесин өнүктүрө башташты.

Ошентип, жергиликтүү бюджетке бул берене боюнча салык да түшүп жатат. Эскерте кетсек, Талгат бул айыл өкмөтүнүн башына келгенде жергиликтүү бюджет 515 миң сом болчу. Бүгүнкү күндө бюджет эки миллион сомго көбөйдү. Дагы бир маанилүү көрсөткүч бар: мурда аймактагы үйлөр 30-150 миң сомго бааланса, азыр бир үйдүн баасы миллион сомдон ашат. Бирок эң негизгиси – жергиликтүүлөр үйүн саткысы келбей калды, ал эми аймактан участок алууну каалагандардын саны жылдан жылга көбөйүүдө. Мурда көчүп кеткендер кичи мекенине кайта баштаашты. Эл жакшы өзгөрүүлөрдү байкап, бул жаңы айыл өкмөт башчынын эмгеги болгонун баамдап жатат.

Ал эми Талгат ушуну менен токтоп калгысы келбейт. Алдыда дагы көп маселелерди чечиш керек. Алардын бири – шахтанын ишин жандандыруу, жаңы жумуш орундарын түзүү. Азыр жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчиси ушул багытта иш жүргүзүүдө, ал Президентке, Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө кайрылып, инвесторлорду издеп жатат. Азырынча бул маселе ачык бойдон кала берүүдө, бирок Талгат акыры чечилет деп ишенимдүү айтып жатат.

Т. МУКАЛАЕВдин аймакка кошкон салымы жергиликтүү жана республикалык деңгээлде бааланып жатат. 2014-жылы Мукалаевге парламентаризмди жана мыйзамдарды өнүктүрүүгө, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга, Кыргыз Республикасындагы демократияны жана конституциялык түзүлүштү бекемдөөгө кошкон олуттуу салымы үчүн жана жигердүү коомдук-саясий иши үчүн КР Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы тапшырылган. 2015-жылы республикадагы дене тарбия жана спорттун өнүгүүсүнө кошкон олуттуу салымы үчүн Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин Ардак грамотасын алган. 2017-жылы Мамлекеттик кадр кызматы "Муниципалдык кызматтын отличниги" наамын ыйгарса, Ак-Суу райондук мамлекеттик администрациясы Жыргалаң айылдык аймагын "Мыкты айылдык аймак" наамына көрсөткөн. Мындан тышкары Талгат облустук мамадминистрациядан, райадминистрациядан, РИИБ, ИИБ, Архитектура, Салык кызматтарынан, райондук жана облустук деңгээлдердеги бир топ мекеме-уюмдардан 20дан ашык Ардак грамоталарын жана ыраазычылык каттарын алган. Бирок Талгат ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун пайдасын да унутпайт: "Долбоор Кара-Жал ААда ишин жаңы баштаганда мен айылдык кеңештин төрагасы болчумун. Мен ошондо "бардык долбоорлор гранттык акчаны пайдасыз нерселерге жумшайт" деп, Өнүктүрүү саясат институтунун адистери менен талашып-тартыша да кеткем. Бирок көп өтпөй өзүм да жергиликтүү жамааттын катышуусу менен кызыктуу жана интенсивдүү ишке баш-отум менен кирип кетип, аймактын коомдук турмушундагы процесстерди чындап көрүп, буга чейинки көз карашымды толугу менен өзгөрттүм. Бул Долбоор бизге көйгөйлөрдү көрсөтүп берээрин, жарым жолдо таштап койбостон идеядан баштап, аны ишке ашырууга чейин сени менен болоорун, оң жыйынтык чыкмайынча калтырбай турганын түшүндүм. Бүгүнкү күндө айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринде жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарында окуп, тажрыйба алмашуу үчүн мүмкүнчүлүктөрү чектелүү, баары эле сокур сезимге таянып, же өзү кандай элестетип, түшүнсө, ошого жараша эле иштеп жатат. Бул өтө чоң кемчилик. Ушул боштук жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүнүн бардык жеринде байкалууда. Бул жагынан алып караганда биз айырмаланып турабыз. Муну көптөр да түшүнүп калышты. Долбоорду ишке ашыргандан кийин, өзгөчө биздин аймакта тажрыйба алмашуу сапарын өткөргөн соң бардык облустардан кесиптештерим телефон чалып, депутаттардын сессияларын өткөрүү тартиби, калк менен иштөөнүн ыкмалары тууралуу сурап жатышат. Кызыгы, мен айылдык кеңештин төрагасы да, Кара-Жал аймагынын башчысы да болуп, элестүү айтканда, баррикаданын эки тарабында тең иштедим. Албетте, аткаруу органындагы иш депутаттык иштен түп-тамырынан бери айырмаланат. Бул жерде жоопкерчилик да көбүрөөк, чечим кабыл алуу да оор, мүмкүнчүлүктөрүң чектелүү дегендей. Бирок кызыгы да ушунда болуп жатпайбы! Долбоордун жардамы менен мен конкреттүү жыйынтыктарга жеттим, чечим кабыл алууда өзүмө болгон ишеним артты. Ушул кезге чейин бардык юридикалык маселелерди Долбоордун адистеринин жардамы менен чечип келатам. Мындай колдоону уланта бериш керек, себеби жакында жергиликтүү кеңештерге кезектеги шайлоо өтөт, ал эми депутаттардын 70-80 пайызы – жаңы адамдар, алар ыйгарым укуктарын көп жакшы билишпейт жана алдыда жасачу иштерин жакшы элестете алышпайт. Мэриялардын жана айыл өкмөттөрдүн жетекчилери да жаңы болот. Дал ушундай учурда Долбоордун иши өтө зарыл – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштегендердин баарын кайрадан окутуш керек".

## Максат ДОРБАЕВ менен Талгат МУКАЛАЕВдин феномени эмнеде?

"Зарыл учурда керектүү жерде болуп калды" деп коюшат. Бирок канча деген адамдар, жүздөгөн, балким миллиондогон адамдар негизгисин көрө албай, өзүнүн жана айланасындагы адамдардын жашоосун өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарып жиберүүдө. Ал эми биздин каармандарыбыз ошол мүмкүнчүлүктү көрүп, күмөн санаса да, тагдырын өзгөртүүгө карай эрктүү кадам шилтей алышты. Муну менен алар өзүнүн гана эмес, миңдеген жердештеринин жашоосун да өзгөртүштү.

Каармандарыбыздын ачыктыгы, чынчылдыгы, ак ниеттүүлүгү, өз жерине болгон чыныгы сүйүүсү, эрктүү чечимдери, элдин башын бириктире алчу жөндөмү, ар бир адам менен мамиле түзө алганы буларды чыныгы лидерлерге айландырды. Бул лидерлер жергиликтүү жамааттын башында туруп, өтө чоң жыйынтыктарга жетип жатышат. Бул адамдар тууралуу дагы далай жакшы кептерди угабыз деп ишенимдүү түрдө айта алабыз. М

***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси



# Бузуулар жөнүндө кодекс менен кантип иштеш керек?

***Бузуулар жөнүндө кодекстин кабыл алынышы Кыргыз Республикасы үчүн маанилүү окуя болду. Бул Кодекс – коомдогу адамдардын жүрүм-турум эрежелерин жана өз ара мамилелерин белгилеген маанилүү юридикалык документ. Кодекстеги бузууларды жөнгө салууда чоң ролду ЖӨБ органдары ойнойт, бул болсо алардан жаңы билимди жана көндүмдөрдү талап кылууда. Бул практикада кантип жүзөгө ашып жатканын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Ленин айылдык аймагынын жана Бишкек шаарынын мисалында көрө алдык. Бул эки муниципалитетке 2019-жылдын ноябрь айында тажрыйба үйрөнүү максатында ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Ош, Нарын жана Чүй облустарындагы максаттуу ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү барышты. Тажрыйба алмашуу сапарын ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА) уюштурду. Маалыматтык технологиялар боюнча башкы башкармалыктын (мынан ары – МТББ), ИИМдин, Ленин ААнын жана Бишкек шаардык мэриясынын өкүлдөрү эксперт болушту. Ошондой эле "Ларк" АИБ коомдук фондунун көз карандысыз эксперти жана Долбоордун кызматкерлери катышты. Жалпысынан иш сапарына 55 адам, анын ичинде 20 аял катышты. Иш-чаранын негизги максаты – ЖӨБОнун бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча Бузуулар боюнча комиссиялардын (мындан ары – Комиссия) жана бузуулар жөнүндө протоколдорду түзүүгө ыйгарым укуктуу адамдардын ишин, милдеттерин жана укук колдонуу практикасын уюштуруу маселелеринде алардын потенциалын жогорулатуу максатында ЖӨБ органдары ортосунда тажрыйба алмашуу.***

КРнын Бузуулар жөнүндө кодекси (мындан ары – Кодекс) 2019-жылдын 1-январында расмий түрдө күчүнө кирген. Аны менен катар Кодекстин 31-беренеси ЖӨБ органдарынын ишине түздөн-түз тиешелүү болууда. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору максаттуу муниципалитеттердин ЖӨБ органдары менен кызматташкандан бери алардан Комиссиянын (Бузуулар боюнча комиссиялардын) иши тууралуу көп суроолор келип турган. Бирок Кодекс күчүнө кирген учурдан бери бул суроолор дагы көбөйдү. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ЖӨБЭММА менен биргеликте өлкөнүн бардык облустарында ЖӨБ органдары үчүн Кодексти колдонуу боюнча окууларды өткөргөн. Буга карабастан Бузуулар боюнча комиссиялар айрым гана ЖӨБ органдарында эффективдүү иштеп жатат. Ал эми көпчүлүк муниципалитеттерде Комиссиялар формалдуу түрдө гана иш алып барууда. Комиссиянын мүчөлөрү өзүнүн ыйгарым укуктарын толук түшүнө албай жатышат, алар РИИБ менен биргелешкен ишти жолго сала албай, ББР (Бузуулардын бирдиктүү реестри) дайындар базасы менен иштей албай, мындан улам бузуулар жөнүндө Протоколдорду (мындан ары – Протокол) түзө албай жатышат.

### ББР базасына ЖӨБ органдары үчүн жеткиликтүүлүк

КР Ички иштер министрлигинин (ИИМ) Маалыматтык технологиялар боюнча башкы башкармалыгынын (МТББ) эксперти, ага инспектор Шумкарбек АДАМКУЛОВ бардык маморгандардын жана ЖӨБ органдарынын ишин оптималдаштыруу жана автоматташтыруу боюнча чараларды көрүүгө учур келгенин белгилейт.

Кодекстин 7-бөлүгүнүн 311-беренесинин негизинде 2019-жылдын январынан баштап ББР электрондук базасы түзүлгөн. Бул болсо КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы №603 "Бузуулардын бирдиктүү реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө" Жобо менен бекитилген. Бул ченемдик укуктук актыда процессуалдык документтердин – аныктамалардын, кабарландырманын ж.б. типтүү үлгүлөрү бар. Протокол түзүлгөн ар бир учурду ыйгарым укуктуу орган ББРдин базасына киргизип турат. Бүгүнкү күндө бул базаны 29 мамлекеттик орган колдонууда. Бардык ЖӨБ органдары Комиссиялардын курамын жана Протоколду түзүүгө ыйгарым укуктуу адамдардын тизмесин бекитишкен, ББР системасына кирүү үчүн логинди жана сыр сөздү алышкан. ИИМде 300 миңден ашык бузуу катталды, анын ичинен 1500дөн ашык Протоколду ЖӨБ органдары каттаган.

Бирок ЖӨБ органдарынын өзүндө техникалык инфраструктуранын жоктугунан улам ушул тапта Протоколдор райондук ички ишер бөлүмдөрүндө (РИИБ) катталып жатат. Аймактык органдарда бул үчүн атайын кабинеттер ачылып, ББР системасына кирүү үчүн компьютерлер орнотулган. Ал эми РИИБдин окуудан өткөн кызматкерлери Протокол түзүүдө ЖӨБ органдарына көмөк көрсөтүп жатышат.

Юристтердин, анын ичинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВдин баамында, мындай практика маселени толук чече албайт. Себеби РИИБдин кызматкерлеринин функциясына "ЖӨБ органдарына ББР базасына Протоколду каттоого жардам берүү" деген милдет кирген эмес, ал эми РИИБде "ББРдин адиси" деген штаттык бирдик каралган эмес. Мисалы, ЖӨБ органдары РИИБ кызматкерлерине кайрылып, бирок жардам ала албай калган учурдар бар. Демек, муниципалдык кызматчы мамлекеттик кызматчыдан бул маселеде жардам берүүнү суранууга мажбур болуп жатат. Бул система иштеп кетиши үчүн ким эмне үчүн жооп берээрин так аныктап алуу зарыл. Бул иштин алкагында ар бир адам өз ишин жасап, юридикалык жактан мааниси бар чечимдерди кабыл алууда жооптуу болот. Адамдын мүлкүнүн кайсы бир бөлүгүн алып коюу жолу менен адам укугун чектөө тууралуу сөз болуп жаткан учурда бул маселе өзгөчө маанилүү. Так механизм зарыл, мында механизмдин тартиби жана жол-жоболору так иштелип чыгышы керек.

## Бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча Комиссиянын жана бузуулар жөнүндө протоколдорду түзүүгө ыйгарым укуктуу адамдардын тажрыйбасы

Ленин айылдык аймагынын бул чөйрөдөгү иши мындайча башталган: адегенде жергиликтүү кеңештин депутаттары Бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссия тууралуу Типтүү жобонун долбоору менен таанышып чыгышкан. Андан соң кеңеш Комиссиянын 9 адамдан турган курамын бекиткен. Комиссияга депутаттар, муниципалдык кызматчылар, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү киришкен. Комиссиянын төрагасы, орун басары жана катчысы шайланган. Комиссиянын ишин камсыз кылуу үчүн ЖӨБ органы айыл өкмөтүнүн имаратында кабинет бөлүп, кеңсе техникасын берген. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Комиссиянын мүчөлөрүн окуудан өткөрүп, ал эми ИИМ ББР дайындар базасы менен байланышты түзүп берген. Бул базада бузуулар жөнүндө Токтомдор жана Протоколдор катталып турат. Комиссия ишин баштагандан берки мезгил аралыгында үймө-үй кыдыруунун жыйынтыгы боюнча 50дөн ашык эскертүү берилген. Эскертүүлөр таштандыны туура эмес жерге ыргытуу, өрттөө, ичүүчү сууну максатсыз пайдалануу, аймактагы тазалыкты сактабоо өңдүү көрүнүштөргө байланыштуу болгон. Ошентип Комиссия алгач элге мындай бузуулар кайталанса, айып салынышы мүмкүн экени тууралуу маалымат берген. Комиссиянын оператор-катчысы Тахмина НАДЫРОВАнын баамында, адегенде эскертүү берүү туура болот. Себеби адам ката кетиргенин билип, андан ары муну кайталабаганга аракет жасайт. Азырынча Ленин ААнын практикасында айып санкциясы колдонулган бир гана учур катталган: муниципалдык жолду талкалоо фактысы боюнча жашоочулардын арызы бузуулар жөнүндө иш боюнча өндүрүштү ачуу үчүн негиз болгон. Бузуу орун алган жерде ыйгарым укуктуу адам Кодекстин 119-беренесинин 1-бөлүгүнүн негизинде Протокол түзгөн: уруксат документтерин албастан жердеги тосмону өзүм билемдик менен орнотуп, муниципалдык менчикте турган жолду/көчөнү бузуу. Мыйзам бузган адам алгач Протоколго макул богон жок, бул факт Протоколдун өзүндө кенен сүрөттөлгөн. Протокол Комиссиянын кароосуна жиберилип, 24 сааттын ичинде (мыйзам боюнча) Протокол ББР дайындар базасында катталган. Зарыл болгон жол-жоболордон кийин Комиссиянын жыйынына бузуу жөнүндө ишти кароо киргизилип, мыйзамды бузган жаранга Бузуулар жөнүндө Кодекстин 119-беренесинин 1-бөлүгүнүн негизинде 5500 сом көлөмүндө айып салуу тууралуу Токтом чыгарылды. 10 күндүн ичинде мыйзам бузган жаран жергиликтүү бюджеттин эсебине айып төлөдү. Бул – элеттик муниципалитеттин шарттарында Комиссиянын ишинин көрсөтмөлүү бир мисалы. Анда айыпты төлөтүп алуу боюнча жол-жоболорду кантип жүзөгө ашырыш керектигин билсе болот. Себеби көпчүлүктүн баамында, баары бири-бирине тууган, дос, кошуна болгон элет жергесинде калктын менталитетин эске алуу менен бул жол-жоболорду колдонуу өтө оор. Комиссия үчүн айып салуу жеңил, себеби Комиссия кабыл алынган чечимдер үчүн толук коллегиалдык жоопкерчиликти алган. Ошондуктан Комиссиянын мүчөлөрү мыйзам бузган адамды (досун же туутанын) "кечирген" учурлар болбойт. Мындан тышкары көзөмөлдөөчү орган Комиссиянын ишин текшерүүгө укуктуу, ал эми Комиссиянын ишинде бузуулар боюнча дисциплинардык мүнөздөгү чечимди, жада калса кылмыш ишин козгоо тууралуу чечимди прокуратура кабыл алат.

Ушундай эле Комиссия Бишкектин Ленин адми-

нистративдик районунда да жигердүү иш жүргүзүүдө. 2019-жылдын ичинде 600дөн ашык Протокол түзүлүп, 3 455 500 сомго айып салынган. Алардын ичинен жергиликтүү бюджетке 45 пайызы, же 1 500 000 сом төлөнгөн. Бишкек шаардык мэриясынын Ленин административдик району боюнча муниципалдык администрация аппаратынын жетекчиси Чыңгыз Табылдиевдин айтымында, жаңы Кодекстин алкагында ишти баштоо өтө оор болду. Себеби эч кандай практиктер болгон эмес, бир топ карама-каршылыктар чыккан. Бирок адистердин жана эксперттердин жардамы менен бул чөйрөдөгү иш талаптагыдай деңгээлде уюштурулуп, механизм иштеп, өз жемишин бере баштады.

"Комиссиянын ишинин негизги максаты – айып төлөтүү боюнча чараларды көрүү эмес, коом ичинде алдын ала түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. Жарандар коомдук жайларда өзүн алып жүрүү эрежелерин сактоо зарылдыгы тууралуу аларга эскертип туруш керек, алардын көйгөйлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу зарыл, ошондон кийин гана чараларды көрүш керек", - деп эсептейт аппараттын жетекчиси.

Бишкектин мэриясы биринчилерден болуп Кодекстин иш механизмин киргизди. Мэрия тескеме чыгарып, анда түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрдө төрт Комиссиянын курамын бекитип, 120 адамдан турган ыйгарым укуктуу адамдардын тизмесин аныктаган. Бул адамдарга Протокол түзүп, айып салууга ыйгарым укуктар берилген. ББР системасына Бишкек мэриясынын бардык төрт муниципалдык администрациясы жана санитардык-экологиялык инспекция (СЭИ) кошулган. ББРдин 10 каттоочусуна логиндер жана сыр сөздөр берилген жана ББР системасындагы 120 ыйгарым укуктуу адамга коддор коюлган. Айыптар боюнча Протоколду эң көп СЭИ түзөт. Протоколдор көбүнчө 70-берене ("Аймакты көрктөндүрүү эрежелерин бузуу"), ошондой эле 71-берене ("Белгиленбеген жерлерге таштандыларды таштоо, өрттөө") жана 74-берене ("Жашыл бак-дарактарды ичүүчү суу менен сугаруу") боюнча түзүлөт. Эгерде Кодекс менен иштөө боюнча кыйынчылыктар тууралуу айта турган болсок, Бишкек шаары биринчи кезекте айыптарды администрациялоо көйгөйүнө туш болду. Айыптардын суммасы республикалык бюджетке кетип калган учурлар болгон, мыйзам бузган адамдын тек жайын аныктоодо да маселе жаралган, жаңы кызматкерлерге логин жана сыр сөздү берүүдө кыйынчылыктар болду, интернет начар болуп же байланыш такыр эле жоголуп кеткен учурлар аз эмес, айыптарды өндүрүү процесси татаал.

Бишкек шаардык СЭИ өз ишин Кодекстин алкагында жана шаардык кеңеш бекиткен "Бишкек шаарын көрктөндүрүү эрежелери" деп аталган документ аркылуу жүзөгө ашырат. Бул документте шаардын чегинде бардык субъекттер санитардык ченемдерди кантип сакташы керектиги толугу менен жазылган. Мындай документ ар бир ЖӨБ органында болушу керек. Бул ишти муниципалдык кызмат жүзөгө ашырат. Ошондуктан ал жарандык кызмат менен бир катарда турат. Протоколду түзүүдө далил база катары бузуу фактысы боюнча фотоматериалдар негизги, милдеттүү тартипте болушу керек. Бишкек ш. СЭИ Протоколдорду түзүүнүн бир нече мисалын келтирди. Мисалы: ири соода маркеттеринин биринде 70-беренени бузуу фактысы боюнча – "санитардык тазалыкты сактабоо жана тиричилик таштандысын белгиленбеген жерге ыргытуу", 71-беренени бузуу фактысы боюнча "ЖЧК өндүрүш таштандысын ыргытты", 120-берене ("Жолдордо өндүрүш жумуштарынын талаптарын аткарбоо") боюнча уюм тротуарда курулуш жумуштарын жүргүзүүдө коопсуздук эрежелерин аткарган эмес. Ушул эле берене боюнча дагы бузуулар болгон – муниципалдык менчиктеги аймактарда мыйзам бузган жарандар кандайдыр бир казуу иштерин жүргүзөт, жарыя-кулактандырууу жазылган тактаны бак-дарактарга мык менен кагып орнотуп, бак-дарактарды бузушат. Ошондой эле арык каналдарына канализациялык сууну коё беришет, жеке курулуштар жолго коюлган тосмолорду уруксат албастан эле бузуп салышат ж.б. Мына ушул мисалдар катышуучуларга бузуулардын кеңири жайылган түрлөрү боюнча айыптарды өндүрүп алуу тажрыйбасын көрүүгө шарт түзүп берди. Бул ма-



селелер шаар аймагында да, элет жергесинде да актуалдуу болууда. Бишкек шаардык мэриясынын №2 Муниципалдык аймактык башкармалыктын жетекчиси Марат Турсуновдун айтымында, Комиссиянын ишинде негизги бөлүк – маалымдоо процесси. Ошондуктан Комиссия эскертүү тууралуу 300дөн ашык кабарлама жиберген, түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн жана ар бир маалымат тактасына Кодекстин алкагында иш эрежелери тууралуу зарыл болгон документтерди, кандай санкциялар колдонуларын ж.б. илип чыккан.

Комиссияга мүчө болуу маселеси талкуу үчүн өзүнчө тема болуп калды: 1) бул – коомдук жүк, компетенттүү эмес, туура эмес чечим кабыл алган адамдар мүчө болот деген тобокелдик бар; 2) айылда бул иш үчүн адамдарды табуу оор, айыл өкмөтүндө кадрлар тартыш, юристтер же жогорку билимдүүлөрдү айтпай эле коёлу. Ошондуктан Комиссияларда пенсияга чыккан, улгайган адамдар иштешүүдө; 3) Комиссиянын мүчөлөрү жана ыйгарым укуктуу адамдары болуп АӨнүн же мэриянын кызматкерлери иштешүүдө. Бирок алардын баарында өзүнүн негизги милдеттери да жетиштүү, көптөр Комиссияда иштегиси келбей жатат. Бирок бул жерде бир нерсени эстен чыгарбаш керек: коомдун ичинде тартип орнотуу – бул ЖӨБ органдарынын маанилүү милдети, аларда мыйзам бузууларга каршы турган таасир этүүчү рычаг болуш керек, антпесе шаарларда жана айылдык аймактарда башаламандык өкүм сүрүп калат. Ошондуктан ЖӨБ органдарына айып салуу механизми аркылуу тартипти, адамдардын жүрүм-турум эрежелерин орнотуу үчүн бул ыйгарым укуктар берилген. Мындан улам мыйзамдардын чегинде бардык адам ресурстарын мүмкүн болушунча көбүрөөк колдонушу зарыл.

## Бузуулар боюнча Комиссиянын ишин уюштуруу боюнча ЖӨБ органдарына кеп-кеңештер

1. Кодекстин 312-беренесине ылайык, ЖӨБ органы өзүнүн Тескемеси менен расмий түрдө Протоколду түзүүгө ыйгарым укуктуу адамдардын тизмесин аныктайт. Ыйгарым укуктуу адам – бул жооптуу кызмат жана административдик жол-жоболорго ылайык, иш сотко чейин жетсе, анда ушул гана адам сотко катышуу үчүн тартылат. Ал эми Комиссиянын мүчөлөрү мыйзам бузган жаран Протоколго макул болбогон учурда гана Протоколду кароого укуктуу.
2. Кодекстин 311-беренесинде эгерде мыйзам бузган адам тек жайын тастыктаган документти берүүдөн баш тартса, анда ыйгарым укуктуу адам аны органдын жайына (айыл өкмөтүнө) алып барууга укуктуу. Кодексте “мажбурлап алып келүү” деген түшүнүк жок. Ал жерде эки жаза чарасы тууралуу гана айтылган: айып же эскертүү. Бирок жоопкерчиликке тартылып жаткан адам көнбөсө, ыйгарым укуктуу адам аны АӨгө бир гана максат менен жеткире алат – мыйзам бузгандын тек жайын тастыктоо үчүн жеткирет. Муну менен катар Ыйгарым укуктуу органдын жайына чейин алып келүү (ташуу) убактысы үч сааттан ашпоого тийиш.
3. Мыйзам бузган адам өз күнөөсүн жана мыйзам бузуу үчүн белгиленген жаза чарасын мойнуна алган учурда ыйгарым укуктуу адам Протоколдун тескери бетине жаза чегерүү тууралуу Аныктаманы жазат. Эгерде мыйзам бузган адам баш тартса, анда ыйгарым укуктуу адам жаза чектөөгө укуктуу эмес жана иш Комиссиянын кароосуна жиберилет.
4. Кодекстин 342-беренесине ылайык, өндүрүп алынган айып пулдардын суммалары республикалык жана жергиликтүү бюджетке которулат. ЖӨБ органдары бузуулар жөнүндө иштерди Кодекстин 31-беренеси боюнча кароого ыйгарым укуктуу. Ар бир Протоколго уникалдуу штрих-код берилет. Бул коддор айыптын суммасы түшчү жергиликтүү бюджеттин эсептерине байланган.
5. Кодекстин 38-беренесинде бузуу жасаган жана жоопкерчиликке тартылуучу жак келтирилген зыяндын ордун толтурууга милдеттүү деп жазылган. Протоколдо жана Аныктамада зыян тууралуу эч нерсе айтылбайт. Бул жарандык сот өндүрүшүндө болушу керек, жабырлануучу зыяндын ордун толтуруу үчүн сотко бериши керек. Укуктук мамилелердин ар кандай түрлөрү бар. Мисалы, адам жолдун үстүңкү катмарын бузса, бул – бузуу. Мында Комиссиянын Аныктамасы айып төлөтүү үчүн бул адамды күнөөлүү деп табууга юридикалык негиз болуп берет.
6. Эгерде бузуучу чет өлкөнүн жараны болсо, ага карата да ушундай эле жол-жоболор колдонулат, бардык маалыматтар ББР базасына кол менен киргизилет жана жалпы негизде бул жарандар да жоопкерчиликке тартылат.
7. Протокол – бул так отчеттук бланк болуп саналат. Аны булгап, чийип, өзгөртүүгө болбойт. Ыйгарым укуктуу адам Комиссиянын атына бланк эмне себептен бузулганын түшүндүрүп арыз жазат. Андан соң Комиссия Протоколдун бланкын жокко чыгаруу тууралуу Акт түзөт. Бирок прогресс бир орунда турган жок, бара-бара ар бир адамда планшеттер болот жана баары Протоколдун электрондук формаларына өтүшөт.
8. ББР базасында бузууларды каттоо мөөнөтү Протокол түзүлгөн учурдан баштап 24 сааттан кеч болбошу керек. Көпчүлүк ЖӨБ органдары форс-мажордук кырдаал түзүлүп калаарын айтып даттанууда: интернет байланышы жоголуп, ББР базасына кире албай калышат, райондук борборго чейинки аралык өтө узак, ЖӨБ органынын ыйгарым укуктуу адамы талап кылынган мөөнөттө РИИБге барганга жетишпей калат, мунун айынан 24 саат деп белгиленген мөөнөттөн кечигип калышууда. Мындай көйгөйлөр чыкпашы үчүн ББР базасы ар бир ЖӨБ органында иштеши керек. Бул үчүн ар бир ЖӨБ органында зарыл болгон ылдамдыкта иштеген интернет байланышы болушу абзел, ЖӨБ органдарынын ББР базасындагы ишин координациялоо үчүн облустук деңгээлде иштеген администраторлор (эки штаттык кызматкер) менен камсыз кылуу зарыл. Бүгүнкү күндө мамлекет бул тех-

никалык маселени толук чече элек. Көпчүлүк ЖӨБ органдарында ББР базасына кошулуу үчүн техникалык базаны өз алдынча түзүүгө мүмкүнчүлүгү жок, интернет байланышын түзүү үчүн линияларды өткөрүү кымбат болууда. Ошол себептен Протоколдор азырынча ички иштер органдарынын аймактык башкармалыктарында (РИИБ) катталып жатат. Эксперттердин айтымында, бул өткөөл мезгилге мүнөздүү болгон убактылуу көрүнүш.

9. Мыйзам бузган адам макул болбогон учурда сотко даттана алат жана бул практикада болууда. Мисалы, ишти сотто кароонун жыйынтыгы боюнча, 8 учурда бузуучулар өз чындыгын далилдей алышкан эмес жана иш Бишкек шаардык мэриясынын пайдасына чечилген.
10. Мыйзам бузган адам качып баратса, видеого, сүрөткө тартыш керек. Күбөлөрдү колдонууга укук берилген. Ошондой эле жергиликтүү милицияга кайрылып, мыйзам бузган адамдын тек жайын тактап берүүнү өтүнсө болот.
11. Эгерде мыйзам бузуучу Комиссиянын биринчи кабарламасына реакция жасабаса, анда экинчи кабарлама жиберилет. Ал эми үчүнчү жолкусунда Комиссия ишти өз алдынча карап, мыйзам бузуучунун катышуусуз эле коллегиалдык чечим кабыл алып, айып салуу тууралуу Аныктаманы чыгарууга укуктуу.
12. Мыйзам бузуучунун тек жайын аныктоо чоң көйгөй болууда. Баары эле окуя болгон жерде паспортун көрсөтө албайт, мына ушундай учурда айдоочулук күбөлүктү колдонсо болот. Бирок эгерде таптакыр бир да документи болбосо, анда инспектор ИИМдин кызматкерлерине кайрылып, мыйзам бузган адамдын тек жайын тактап берүүнү өтүнө алат.
13. Айыптан түшкөн акча жергиликтүү бюджеттин каражаты болуп саналгандыктан аны жергиликтүү кеңеш тескейт. Бирок бул акчадан шыктандыруучу каражат катары Комиссиянын мүчөлөрүнө материалдык жана моралдык компенсация төлөп берүү мыйзам боюнча каралган эмес.
14. Эгерде сот аткаруучулары менен байланыш тууралуу, мисалы, камакка алуу боюнча айтсак, соттук териштирүүлөрдүн алкагында Бишкек шаары боюнча туум чегерүү боюнча 50дөн ашык материал даярдалууда, сот аткаруучуларына азырынча жете элек.
15. Жергиликтүү бюджеттерди түзүп жатканда, Комиссиянын иши үчүн каражат бөлүп берүү зарыл. Мисалы, Протоколдорду даярдап, басып чыгарууга, кандайдыр бир экспертиза жүргүзүүгө, же Протоколду түзүүдө котормочу зарыл болсо, анын эмгек акысын төлөп берүүгө бюджетте акча каралууга тийиш. Ошондой эле айылдар менен айылдык аймактардын ортосундагы чоң аралыкты эске алуу менен, Комиссия мүчөлөрүнүн жана ыйгарым укуктуу адамдардын жол чыгымдарына каражат каралууга тийиш.
16. Протоколду түзүүдө Кодекстин 309-314-беренелерине ылайык, ыйгарым укуктуу орган бузуулар үчүн жоопкерчиликке тартылган адамга укуктарын түшүндүрүүгө милдеттүү. Бузуулар үчүн жоопкерчиликтүү адам 10 күндүн ичинде Протоколго даттанууга, макул болууга же макул болбосо, Комиссияга келип бардык суроолоруна жооп алууга укуктуу. Толук түшүндүрмө берилип, Протокол толук толтурулгандан кийин гана ал мыйзам бузган адамдын колуна тапшырылат. Ал болсо эртең эле мыйзам бузган фактыны жокко чыгарбашы үчүн Протокол менен толук таанышып чыгышы керек.

## Бузуулар жөнүндө Кодекске толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштар

Өз кезегинде ЖӨБ органдары Кодекстин жакшы жактары жана кемчиликтери тууралуу төмөнкүдөй пикирлерин айтышты:

17. Мыйзамдар шаардык менталитетке жараша эле Бишкекте даярдалат, маанилүү маселелерди талкуулоо боюнча коомдук угуулар өткөрүлбөйт. Мисалы, бузуулардын катарында "жалбырактарды өрттөө" да бар. Биздин Өкмөт чарбактарды өнүктүрүү үчүн насыя берип, шарттарды түзүүдө. Бирок түшүм беш жылдан кийин гана болот. Жыл сайын кургап калган жалбырактарды чыгаруу маселеси кабыргасынан турат. Бакчылар эмне кылышы керек? Жалбырактарды өрттөй албайт – айып салабыз. Транспорт менен мындай көлөмдөгү жалбыракты чыгарып кетүүгө болбойт – бул көп чыгымды талап кылат, ошентип дыйкан чыгымга учурайт. Ошондуктан биринчи кезекте элет калкынын пикирин эсепке алуу зарыл, менталитет менен эсептешип, дыйкандардын укуктарын да унутпаш керек. Жалбырактарды өрттөөгө байланыштуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү өтүнөбүз.
18. Уруксат берүүчү документтерсиз эле туш келди жерде соода жүргүзүү көйгөйү бар. Мурда административдик кодексте бузуулардын мындай түрү бар болчу. Бирок жаңы Кодексте бул берене жок экен. Азырынча 126-берене ("Жолдо тоскоолдук жаратуу") гана колдонулуп жатат. Бул беренени жаңы Кодекске киргизүү зарыл.
19. Чөптү тебелөөгө байланыштуу элеттик ЖӨБОдон көп сунуштар түшүүдө. Себеби кайсы бир учурда бул беренени Жосундар жөнүндө кодекске киргизишкен, эми бул беренени Бузуулар жөнүндө кодекске өткөрүү иштери жасалууда. Себеби бул маселе айылдык аймактар үчүн актуалдуу бойдон кала берүүдө.
20. Комиссиянын эффективдүү иши үчүн акча ресурстары зарыл. М.: биздин жайыт 150 км аралыкта жайгашкан. Эгер ал жакта мыйзам бузуу болсо, Комиссия мүчөлөрү жете албай кыйналышат.
21. Комиссиянын бардык мүчөлөрүндө юридикалык билим жок. Бизге жок дегенде бир юрист керек. Айыл өкмөтүнүн штатында юрист жок. Туура чечим кабыл алышыбыз керек да, ал эми юрист жок абдан кыйналып жатабыз.

**USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" Долбоору тарабынан даярдалды[1]**

[1] Бул макала АКШнын Эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) аркылуу Америка эли көрсөткөн жардамдын натыйжасында чыкты. Басылманын мазмуну үчүн DAI Global LLC жоопкерчилик алат. Бул басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн позициясын сөзсүз эле чагылдырбайт.

# Дени сак жаштар – дени сак калк!





***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактын турмуш-тиричилик системасынын ишин уюштурууга жана өнүктүрүүгө, социалдык-экономикалык пландоого жана калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүүгө багытталган тапшырмалардын кеңири өңүтүн аткарышат. Ошону менен бирге балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды уюштурууга, дене тарбиясы жана спортту өнүктүрүү үчүн шарттар менен камсыз кылууга байланышкан тапшырмалар эл үчүн өзгөчө актуалдуу жана маанилүү болуп саналат.***

***Ушул макалада спорт кызматын көрсөтүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруу тажрыйбасы тууралуу айтып беребиз. Бул иш-чараны Ош облусунун Ноокат районундагы Насирдин Исанов айтындагы айылдык аймактын жергиликтүү бийлиги ишке ашырган. Алар муну эркин күрөш менен машыгуу жана фитнес үчүн спорт зал ачуу менен жасашты. ЖӨБ органдарынын бул иш-аракеттери жергиликтүү элдин ден соолугун чыңдоого багытталган.***

## Көйгөйдүн өзөгү эмнеде эле?

Насирдин Исанов атындагы айылдык аймактагы Жаңы-Базар айылындагы спорт залы дем берүүчү гранттын жана Жогорку Кеңештин депутатынын демөөрчүлүк жардамынын эсебинен курулуп, муниципалдык менчикке 2012-жылы өткөрүлүп берилген. Беш жылдын ичинде бул спорт зал айылдын




тургундарына, анын ичинде 20-30 балага акысыз негизде кызмат көрсөтүп келген. Бирок 2017-жылы спорт зал иштебей калган.

Спорт залдын туруктуу жана чыныгы кожоюну болбогону, акысыз негизде кызмат көрсөтүүнү башаламан уюштуруу, муниципалдык мүлктү башкаруунун жол-жоболору боюнча ЖӨБ органдарында билимдин жоктугу имаратты кайтарууга, тазалоого, талаптагыдай күтүп алууга байланышкан кыйынчылыктарды жаратты. Спорт залдын кызматкерлерине да, имаратты кайтаргандарга да, машыктыруучуларга да эмгек акысы төлөнгөн эмес. Имараттын күнүмдүк ремонтуна каражат өтө оорчулук менен бөлүнүп, ал да толук берилчү эмес. Мындай шарттарда спорт залдын имараты бузула баштады – кышында жылытуучу трубалар жарылды, терезелери сынды, имараттын ички жана тышкы дубалдарынын штукатуркасы түшө баштады. Спорт үчүн зарыл жабдуулар жана шаймандар менен камсыз кылууда да кыйынчылыктар жаралды – залда эркин күрөш үчүн төшөнчү гана бар болчу. Мына ушундан улам спорттук кызмат көрсөтүүлөр начар деңгээлде уюштурулган деп тыянак чыгарууга болот. Мунун натыйжасында машыктыруучуларда балдарды жана өспүрүмдөрдү окутууга кызыгуусу да болбой калды, ал эми балдарда спорт менен алектенүүгө каалоо жоголду.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын алдында кандай тапшырмалар турду?

Бул маселени чечүү үчүн муниципалитеттин бийлиги 12 кадамдан турган иш-аракеттерди аныктап алды. Бул иштер кызмат көрсөтүүнү уюштуруу стратегиясын даярдоочу жумушчу топту түзүүдөн башталып, кызмат көрсөтүүгө коомдук мониторинг жүргүзүү менен аяктайт (схеманы караңыз).

## Эмнелер жасалды?

USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун техникалык жардамы менен Насирдин ИСАНОВ атындагы айылдык аймактын бийлиги төмөнкүдөй иш-чараларды өткөрүштү.

- Фокус-топтор өткөрүлүп, анын жүрүшүндө жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөр-

дүн артыкчылыктуусу тандалып алынды. Натыйжада спорт кызмат көрсөтүүсүн уюштуруу эң артыкчылыктуу маселе деп табылды.



- Кызмат көрсөтүүнү уюштуруу Стратегиясын даярдап, эл менен макулдашып, ишке ашыруу үчүн жооптуу Жумушчу топ түзүлдү.
- Жумушчу комиссия кызмат көрсөтүүнүн стандарттарын жана графигин даярдады, кызмат көрсөтүүнүн усулдары жана формасы тандалып алынды, ошондой эле Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу Стратегиясынын долбооруна кирген иш аракеттер планы даярдалды.
- Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу Стратегиясынын долбоору коомдук угууда талкууланып, жергиликтүү жамаат аны колдоп берди. Ошондон кийин Стратегия жергиликтүү кеңештин депутаттарынын сессиясында каралып, бекитилди.
- Кызмат көрсөтүүнү сатып алууга ачык конкурс өткөрүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө Жобонун долбоору даярдалып, ал кийин жергиликтүү кеңештин депутаттарынын токтому менен бекитилди.
- Спорт кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин долбоору даярдалып, ал коомдук иш-чараларда жергиликтүү жамаат менен макулдашылып, жергиликтүү кеңештин токтому менен бекитилди.
- Спорт залдын ишин уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүнү сатып алууга ачык-айкын конкурс өткөрүү үчүн конкурстук документтердин пакети даярдалды.
- Келишимдердин долбоорлору иштелип чыкты: кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ортосунда түзүлгөн тейлеме келишими; жана жеткирүүчү менен кызмат көрсөтүүнү алуучу ортосунда түзүлгөн абоненттик келишим.
- Кызмат көрсөтүүнү сатып алууга ачык жана айкын конкурс өткөрүлүп, конкурстук комиссиянын чечими менен “Барс-Мурас” спорт клубу жеңүүчү деп табылды. Бул клуб менен спорт кызматын көрсөтүү боюнча келишимдер түзүлдү.

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү оросунда түзүлгөн келишимдин кызыктуу өзгөчөлүгү – келишимде жеткирүүчүгө кошумча талаптар коюлган. Мисалы, жеткирүүчү жогорку кесипкөй деңгээлде кызмат көрсөтүшү керек жана бир жылдын ичинде райондук деңгээлдеги таймаштарга бери деген 10 жеңүүчүнү, облустук таймашка 5 жеңүүчүнү жана республикалык деңгээлдеги таймашка бери дегенде бир жеңүүчүнү даярдашы керек.***

## USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун колдоосу

USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун техникалык колдоосу ИСАНОВ муниципалитетинин өкүлдөрү үчүн потенциалды жогорулатуу боюнча өткөрүлгөн иш-чара түрүндө болду. Бул иш-чарага Жумушчу комиссиянын мүчөлөрү, айыл өкмөт аппаратынын кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана жарандык коомдун өкүлдөрү катышты.

Н.ИСАНОВ атындагы муниципалитеттин өкүлдөрү үчүн USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун алкагында өткөн окуу иш-чаралары көп темаларга арналды. Анын ичинде ушул демилгени ийгиликтүү ишке ашырууга көмөкчү болгон маселелер боюнча да өттү:

- жергиликтүү деңгээлде Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясын даярдоо;
- кызмат көрсөтүүгө тарифтерди иштеп чыгуу;
- муниципалдык менчикти эффективдүү башкаруу;
- муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын жана реестрин иштеп чыгуу.

USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору иштин ар бир баскычында жергиликтүү администрацияга практикалык консультация өткөрүп турганын белгилей





кетиш керек. Мисалы, кызмат көрсөтүүлөрдүн артыкчылыктуусун тандап алуу механизмин киргизүү процессинде, кызмат көрсөтүүгө тарифтерди даярдап, макулдашып, беекитүү учурунда, кызмат көрсөтүүнү сатып алууга ачык конкурс өткөрүү маалында кеп-кеңештер берилди.

Ошондой эле USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бул кызмат көрсөтүүнү уюштурууга байланышкан ченемдик укуктук актыларын даярдоо процессинде да муниципалитеттин өкүлдөрүнө юридикалык жардам көрсөттү жана бул ишти улантууда. Айталы, кызмат көрсөтүүнү сатып алууга конкурсту өткөрүү боюнча жобону, биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу жөнүндө жобону, тендердик документтерди даярдоодо, кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчүлөр менен аткаруу органы, жеткирүүчү менен абоненттер ортосунда келишимдерди түзүүдө жардам көрсөтүлдү.

## Спорт кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы кандай ченемдик актыларды кабыл алды?

Спорт кызматын көрсөтүүнү уюштуруу боюнча иш-чараларды өткөрүү максатында жергиликтүү бийлик төмөнкүдөй зарыл болгон документтерди даярдап, кабыл алды:

- “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга ачык конкурс өткөрүү тартиби жана шарттары жөнүндө Жобону” бекитүү тууралуу жергиликтүү кеңештин токтому;
- ачык конкурсту өткөрүү үчүн жооптуу конкурстук комиссияны түзүү тууралуу айыл өкмөт башчынын буйругу;
- “Биргелешкен мониторинг жана баалоо өткөрүү боюнча жобону” бекитүү тууралуу жергиликтүү кеңештин токтому;
- Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобун түзүү тууралуу айыл өкмөт башчынын буйругу;
- Жергиликтүү жамааттын Уставын бекитүү тууралуу жергиликтүү кеңештин токтому.

Бул документтердин баары Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” жана “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Мыйзамдарга, ошондой эле Бюджеттик жана Салык кодекстерине ылайык даярдалган.

## Спорт кызмат көрсөтүүсүн уюштурууга кеткен чыгымдар

Бул кызмат көрсөтүүнү киргизүүнүн өзгөчөлүктөрүнүн бири – конкурстун жеңүүчүсү элге кызмат көрсөтүү үчүн муниципалдык менчиктеги объектти ижарага алып тим болбостон, ошону менен бирге кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн өз каражатын инвестициялайт жана муну уланта берет.

Кызмат көрсөтүү ишке аша баштагандан бери ачык конкурстун жеңүүчүсү – “Барс-Мурас” спорт клубу 558 000 сом салды. Бул каражат спорттук жабдууларды жана шаймандарды – машыктыргычтарды, спорттук маттарды жана кийим-кечени сатып алууга багытталды.

Бул өнөктөштүктүн алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы залды ижарага акысыз берип, жергиликтүү бюджеттин эсебинен электр энергиясына кеткен чыгымды төлөп берүү каралган. Мындан тышкары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы кызмат көрсөтүүнү алуучуларга – 16 жашка толо элек балдарга жана өспүрүмдөргө жергиликтүү бюджеттен субсидия түрүндө жардам берет. Бул акча спорт менен алектенүүгө кеткен акыны кошо каржылоого багытталган.

## Спорт кызмат көрсөтүүсүн ишке ашыруудан ким пайда табат?

Ушул тапта балдардын жана өспүрүмдөрдүн – муниципалитетте эркин күрөш өнөрүн өздөштүрүп жаткан, 18 жашка толо элек балдар жана кыздардын саны 230га жетти. Анын ичинде:

- Жаңы-Базар айылындагы эркин күрөш залында (башкы залда) – 150 бала;
- Чеч-Дөбө айылындагы эркин күрөш залында (клубдун филиалында) – 80 бала.

Насирдин ИСАНОВ атындагы айылдык аймакта жайгашкан бул спорт залдарда эркин күрөш менен

## Клубдун тарбиялануучуларынын ийгиликтери жана жетишкендиктери

2019-жылы Н.ИСАНОВ атындагы муниципалитетте спорт кызматтарын ийгиликтүү көрсөтүп келаткан “Барс-Мурас” спорт клубунун тарбиялануучулары өздөрүнүн салмак категорияларында төмөнкүдөй байгелүү орундарды ээлешти:



**16 ЖАШКА ТОЛО ЭЛЕК КАДЕТТЕР АРАСЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЧЫК ЧЕМПИОНАТЫНДА:**

- клубдун бир тарбиялануучусу экинчи орунду ээледи (күмүш медаль алды);
- клубдун бир тарбиялануучусу үчүнчү орунду ээледи (коло медаль алды).



**НОРМАТИВДЕРДИ ИЙГИЛИКТҮҮ ТАПШЫРУУНУН ЖАНА ТАЙМАШТАРДЫН НАТЫЙЖАСЫНДА:**

- үч тарбиялануучу спорттун чеберине талапкер наамын алышты. Аны менен катар тарбиялануучулар балдардын спорттук разрядын алуу үчүн нормативдерди ийгиликтүү тапшырып жатышат.



**ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНДА ӨТКӨН ИСХАК РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК СПОРТ ТУРНИРИНДЕ:**

- эки бала түрдүү салмактык категорияда биринчи орундарды (алтын) ээлешти;
- бир бала экинчи орунду (күмүш) ээледи;
- үч бала түрдүү салмактык категорияда үчүнчү орундарды (коло) ээлешти.



**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ РАЙОНДУК МАСШТАБДАГЫ ТАЙМАШТАРДА:**

- спорт залдын тарбиялануучулары жалпы командалык эсепте биринчи орунду ээлешти (алтын);
- беш тарбиялануучу өз салмак категориясында биринчи орунду (алтын) ээлешти
- 9 тарбиялануучу өз салмак категориясында экинчи орунду (күмүш) ээлешти;
- сегиз тарбиялануучу өз салмак категориясында үчүн орунду (коло) ээлешти.

алектенген балдардан тышкары, улуулар да ден соолугун ойлой башташты. Спорт менен алектенгендердин саны 40 кишиге жетти (21 эркек жана 19 аял).

## Спорт кызмат көрсөтүүсүн жакшыртуунун натыйжасында жамаатта кандай оң өзгөрүүлөр болду?

2019-жылы Н.ИСАНОВ атындагы муниципалитеттин курамына кирген Чеч-Дөбө айылында клубдун филиалы катары экинчи зал ачылган. Бул залга 18 жашка толо элек 80 кыз-бала келет. Ушул тапта “Барс-Мурас” спорт клубу эки залда кызмат көрсөтөт: Жаңы-Базар айылындагы башкы залда жана Чеч-Дөбө айылындагы клубдун филиалында.

Мындан тышкары USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун техникалык колдоосу менен Н.ИСАНОВ атындагы муниципалитет Кожоке айылында “Барс-Мурас” клубунун дагы бир филиалын ачууну пландап жатат. Бул залда 80 бала эркин күрөштү өздөштүрмөкчү.

## Спорт кызмат көрсөтүүсүнүн жергиликтүү бюджет кандай пайда табат?

Спорт кызмат көрсөтүүсү социалдык мүнөздөгү кызмат көрсөтүү болуп саналат жана муну чыгымы көп, пайда алып келбейт деп эсептешет. Буга карабастан “Барс-Мурас” спорт клубу менен Мамлекеттик салык кызматынын райондук бөлүмү макулдашууга жетишкен. Ага ылайык, кызмат көрсөткөн жана пайда тапкан юридикалык жак катары спорт клубу жыл сайын 20 миң сомдун тегерегинде салык төлөйт.

Ошондой эле спорт клубун иштетүү аркылуу кызмат көрсөтүүнүн натыйжасында айыл өкмөтү башка бир маанилүү маселени чече алды – муниципалдык менчиктеги объект болуп саналган спорт залдын имаратын оңдоого жергиликтүү бюджеттен каражат бөлө алат. Спорт кызматын көрсөтүп, пайда алуу менен, кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү имаратты талаптагыдай түрүндө күтүүгө, анын ремонтуна акча бөлүүгө жоопкерчилик алган.

Ошентип, бул муниципалдык-жеке өнөктөштүктүн натыйжасында жергиликтүү бюджеттеги каражатты үнөмдөө, муниципалдык менчиктеги объекттерди эффективдүү башкаруу жана жергиликтүү тургундарга ден соолугун чыңдоо мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлдү.

# Өнүктүрүү саясат институтунун жаңылыктары




## Кыргызстанда мамлекеттик социалдык заказ механизми иштеп кете алдыбы? Туруктуулукка карай багыт

***2019-жылы Кыргызстандагы беш муниципалитет коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашыра баштаган. Бул долбоорлорго жергиликтүү бюджеттерден эки миллион сомго жакын каражат бөлүнгөн. Долбоорлорду ишке ашыруунун натыйжасында, мисалы, Чүй облусунун Узун-Кыр, Кызыл-Октябрь жана Ленин айылдык аймактарында балдар жана жаштар жергиликтүү жамааттын социалдык турмушуна тартылат, бири-бири менен баарлашуунун жаңы көндүмдөрүнө жана билимге ээ болушат, өздөрүнүн маданий-интеллектуалдык өнүгүү деңгээлин жакшыртат. Каракол шаардык мэриясы мигранттардын балдарынын укуктарын коргоого, үй-бүлөдөгү зомбулуктан жапа чеккен аялдарга жардам берип, колдоо көрсөтүүгө 400 миң сом бөлдү. Ал эми Ош шаардык мэриясы оор турмуштук кырдаалда турган кары адамдар үчүн мончо кызматтарын көрсөтүүчүлөрдү конкурстун негизинде тандап алды.***

### Мунун баары кантип мүмкүн болду? Бул үчүн эмне керек? Кайда кайрылуу зарыл? Ким пайда тапты?

Мына ушул суроолорго 2019-жылдын 5-ноябрында өткөн конференция учурунда МСЗ долбоорунун аткаруучулары айтып беришти. Конференцияны Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги (ЭСӨМ) USAIDдин Биргелешип башкаруу боюнча программасынын жана Өнүктүрүү саясат институтунун (www.dpi.kg) колдоосу менен уюштурган. Конференцияга өкмөттүк жана бейөкмөт уюмдардын жүздөн ашуун өкүлү катышты. Алардын арасында жогоруда айтылган муниципалитеттердин аймактарында ишке ашырылган долбоорлордун катышуучулары да бар. Иш-чаранын жүрүшүндө алар мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ) механизми аркылуу коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашыруу процессинде алган тажрыйбасы жана анын жыйынтыгы тууралуу айтып беришти.

“2017-жылы “Мамлекеттик социалдык заказ



жөнүндө" Мыйзамдын жаңы редакциясы, ошондой эле мыйзамдык актылар да кабыл алынган. Жаңы мыйзамды реалдуу жашоого киргизүү "Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин социалдык заказды ишке ашыруу боюнча потенциалын күчөтүү" Долбоорунун негизги милдетине айланды. Бул долбоорду USAIDдин Биргелешип башкаруу боюнча программасынын колдоосу менен Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) ишке ашырып келатат[1]. Конференциянын маалында беш муниципалитеттин өкүлдөрү (ЖӨБ органдары жана жергиликтүү жамаат), жарандык коом уюмдары МСЗ механизми аркылуу өнөктөштүк жана элдин эң артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүдө 2019-жылы жетишилген жыйынтыктар тууралуу айтып беришет. Конференцияга мамлекеттик органдардын өкүлдөрү да катышат. Алар менен механизмди мындан ары өркүндөтүүнүн жолдору талкууланат. Механизм биринчи кезекте калктын аярлуу катмарлары үчүн кызмат көрсөтүүнү жакшыртууга багытталышы керек", - деп айтты Долбоордун менеджери Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА.

Катышуучулардын айтымында, мамлекеттик социалдык заказ калктын эң аярлуу катмарлары сапаттуу социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жете алышы үчүн өкмөткө жарандык коом уюмдары менен кызматташууга жол ачкан эффективдүү механизм болгонун конференция тастыктады.

Баса, 2013-жылы КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги бюджети 13,9 миллион сомду түзгөн мамлекеттик социалдык заказ механизмин жүзөгө ашырган жалгыз мамлекеттик орган болчу. Ал эми 2019-жылы үч мамлекеттик орган (ЭСӨМ, Жаштар иштери, спорт жана дене тарбия боюнча мамлекеттик агенттик жана Саламаттык сактоо министрлиги) жана беш муниципалитет жалпы бюджети 43,8 млн. сомду түзгөн МСЗны киргизишти. Балдардын мектепке чейинки билим алуусуна жеткиликтүүлүктү кеңейтүү максатында Билим берүү министрлиги социалдык заказ боюнча өзүнүн мамлекеттик прграммасын иштеп чыгып, муктаж үй-бүлөлөргө социалдык ваучерлерди берүүнү пландап жатат.

2017-жылдан бери USAIDдин Биргелешип башкаруу программасынын колдоосу менен Өнүктүрүү саясат институту Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине, жарандык коом уюмдарына улуттук жана муниципалдык деңгээлдерде социалдык заказ механизмин ишке ашырууга жардам берди. Улуттук деңгээлде МСЗнын аткарылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн жол-жоболору, ЭСӨМ менен МСЗнын аткаруучусу болгон жарандык коом уюмдарынын ортосундагы өз ара байланыш механизмдери жакшыртылды; USAIDдин Биргелешип башкаруу программасынын колдоосу менен иштелип чыккан МСЗ жөнүндө Мыйзамды колдонуу практикасына баа берилди. Жергиликтүү деңгээлде долбоордун катышуучулары – Баткен, Кочкор-Ата, Ош, Каракол шаарлары, ошондой эле Узун-Кыр, Ленин жана Кызыл Октябрь айылдык аймактары. 2019-жылы бул муниципалитеттер жергиликтүү бюджеттерден социалдык муктаждыктарга жалпы суммасы 1 950 000 сомго он социалдык грант бөлүп берген. Бул гранттар мигранттардын балдарын, майып балдарды, үйсүз, кары адамды, үй-бүлөдөгү зомбулуктан жапа чеккендерди ж.б. колдоого багытталган. Дагы бир маанилүү жагдай бар – жергиликтүү кеңештер инновациялык ыкманы киргизүүнү колдоп, МСЗнын муниципалдык программаларын жактырышты.

"Мамлекеттик социалдык заказ биз үчүн жаңы механизм болуп саналат, - деп белгиледи Караколдун вице-мэри Гүлназ Орозова. – Бирок биз МСЗ – бул муктаж адамдардын артыкчылыктуу социалдык маселелерин чечүү процессине жарандык коом уюмдарын тартууга, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик эмес жеткирүүчүлөр рыногун өнүктүрүүгө, социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү курч маселелерди инновациялык усулдар менен чечүүгө шарт түзгөнүн түшүндүк".

USAIDдин Биргелешип башкаруу боюнча программасы (ББП) Кыргыз Республикасынын жарандык коому жана мамлекеттик органдары ортосундагы эффективдүү кызматташууга көмөктөшөт. Программаны АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) каржылайт жана Ист-Вест Менеджмент Институтут (EWMI) ишке ашырат.

1 Биргелешип башкаруу боюнча программа (ББП) Кыргыз Республикасынын жарандык коому, жеке сектору жана өкмөтү ортосундагы эффективдүү кызматташууга көмөктөшөт. Программаны АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) каржылайт жана Ист-Вест Менеджмент Институту (EWMI) ишке ашырат.




# Жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө гендердик жана социалдык абалды сезген ыкмаларды киргизүү темасы талкууланды

***2019-жылдын 16-декабрында "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоору (мындан ары – ЖДККЖ) тегерек стол талкуусун өткөрдү.***

Бишкектеги "Парк Отель" мейманканасында өткөн иш-чара "Жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө гендердик жана социалдык абалды сезген ыкмаларды киргизүү" деген темада өттү. Талкууга гендер маселелери боюнча адистешкен эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, аялдардын укуктарын коргоо жана жамааттарды өнүктүрүү чөйрөсүндө иш алып барган жарандык коом уюмдары, көз карандысыз эксперттер, ошондой эле Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы элчилигинин өкүлү катышты.

Иш-чаранын программасы эки сессиядан турду. Биринчи сессия элет жергелеринде кызмат көрсөтүүлөрдү (таза ичүүчү суу) жакшыртуу үчүн базалык изилдөөнүн жана гендердик абалды изилдөөнүн жыйынтыктарына арналды. Экинчи сессияга тандалып алынган муниципалитеттердин жергиликтүү стратегиялык документтерине гендердик анализдин презентациясы камтылды. Иш-чаралар маалында ЖДККЖ долбоорунун жергиликтүү деңгээлде гендердик жана социалдык абалды сезген ыкмаларын интеграциялоо боюнча стратегиясы сунушталып, талкууланды. Бул стратегия мындан ары тажрыйба алмашуу жана келечекте кызматташуу үчүн платформа түзүп берди.

Эки аймакта өткөрүлгөн фокус-топтун баштапкы жыйынтыктары ичүүчү сууну жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүү менен аялдардын күнүмдүк жашоосу, алардын саламаттыгы, үй-бүлөнүн ичиндеги мамилелери, жеке гигиенасы жана социалдашуусу ортосунда байланышты көрсөттү.

Гендер маселелери боюнча эксперт Зульфия Кочорбаева базалык изилдөөнү жүргүзүүгө катышкан. Эксперт 40 муниципалитеттин стратегиялык документтерине жүргүзүлгөн гендердик анализдин жыйынтыгы менен тааныштырды. Эксперттин айтымында, муниципалитеттердин дээрлик бардык стратегиялык документтери гендердик жана социалдык абалды сезүү критерийлерине жооп бербейт. Ошентсе да айрым документтерде мындай маселелер камтылган. Ал арада бул компоненттин тартыштыгы, саясий эрктин жоктугу жана айрым бир башка факторлор аялдардын жана социалдык жактан аярлуу топтордун муктаждыктарын эсепке алуу менен кызмат көрсөтүүгө бут тосууда. Документ Экономика министрлиги 2015-жылы иштеп чыккан Колдонмонун негизинде талданып чыккан. Колдонмо жергиликтүү саясат үчүн үч индикаторго негизделген категорияларды белгилейт. Ал индикаторлор: гендердик абал эске алынган стратегиялык документтер-программалар (3 балл), гендердик теңдик үчүн институционалдык механизм (3 балл) жана гендерге багыт алган бюджеттөө (3 балл). Сунуш кылынган баалоо боюнча төмөнкүдөй саясат аныкталат: 6-9 баллга чейин – гендердик позитивдүү саясат, 3-6 баллга – гендердик багыт алган саясат жана 0-2 баллга чейин – гендердик жактан "сокур" саясат.

40 муниципалитеттин ичинен болжол менен 59 пайызы жогорудагы үч индикатордун ичинен 1 же 2 индикаторго гана ээ болгон гендердик саясатты жүргүзөт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, жаңы жумушчу орундарды түзгөндүн ордуна социалдык инклюзивдүүлүк жана гендердик теңдик боюнча маселелер адатта жергиликтүү деңгээлдеги социалдык кызматкерлердин мойнуна жүктөлөт. Бул болсо өз ке-

зегинде аларга кошумча жүк болуп калууда.

ЖДККЖ Долбоорунун стратегиясы жогоруда айтылган маселелерди чечүү үчүн иштелип чыккан жана Долбоордун Биринчи фазасында алынган сабактарга жана жыйынтыктарга, базалык изилдөөгө, ошондой эле аярлуу топтордун өкүлдөрү менен өткөрүлгөн фокус-топторго негизделген.

Стратегиянын негизги максаты – долбоордук муниципалитеттердин ишине гендердик жана социалдык абалды сезген ыкмаларды эффективдүү киргизүүгө көмөктөшүү, жергиликтүү стратегиялык документтерди, өнүгүү программаларын жана жылдык жергиликтүү бюджеттерди кайрадан иштеп чыгууга жардам берүү. Ошондой эле долбоор өркүндөтүлгөн документтердин аткарылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн атайын жумушчу топторду түзүүгө көмөк көрсөтөт.

Тегерек столдун жыйынтыгында катышуучулар өз пикирлерин айтышып, долбоордун ишин оптималдаштыруу боюнча сунуштарын беришти.

Иш-чара жалпы максаттарга жетүү үчүн күч-аракеттерди бириктирүү тууралуу макулдашуу менен жыйынтыкталды.

# Ачык Өкмөттүн Улуттук Форумунан Өнүктүрүү саясат институтуна ыраазычылык

***“2018-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында Ачык Өкмөттү куруу боюнча Улуттук Иш-аракеттер Планын ишке ашырууга ар тараптан көрсөткөн колдоосу жана жемиштүү кызматташтык үчүн” ыраазычылык катын КР Жогорку Кеңешинин вице-спикери Аида КАСЫМАЛИЕВА жана АӨУФнын кош төрагасы Бакыт САТЫБЕКОВ тапшырышты.***

2019-жылдын 20-декабрында Бишкекте 2018-2020-жылдарга Ачык Өкмөттү куруу боюнча Улуттук иш-аракеттер планын (УИП) ишке ашыруунун орто аралыктагы жыйынтыктарын чыгаруу боюнча Ачык Өкмөттүн конференциясы өттү. Конференцияга Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри, Ачык Өкмөт Улуттук Форумунун кош төрайымы Алтынай Өмүрбекова, КР Жогорку Кеңешинин вице-төрайымы Аида Касымалиева, УИПти аткарууга татылган мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, Ачык Өкмөт Улуттук Форумунун кош төрагасы Бакыт Сатыбеков, эл аралык донордук уюмдардын жана жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү, журналисттер катышты.

Конференциянын жүрүшүндө катышуучуларга Катчылык тарабынан иш-чаралардын аткарылышы тууралуу отчет жана жарандык коом тарабынан альтернативалык отчет берилди, ийгиликтүү демилгелер тууралуу маалымат болду, “Ачык маалыматтар” порталы жана ЧУА долбоорлорун талкуулоо боюнча портал жөнүндө маалыматтар берилди.

Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА да конференцияда сөз сүйлөп, жергиликтүү бюджеттердин ачык-айкындуулук маселесине токтолду. Добрецова “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун бул багыттагы жыйынтыктары менен тааныштырды. Аталган долбоорду Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылап, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келатат.

“Бул – 2019-жылдын жыйынтыктарын баалоо боюнча орто аралыктагы конференция болду. Ал эми Планды ишке ашыруунун жыйынтыктары 2020-жылдын соңунда чыгат. Башкача айтканда, жылдын этегине чейин бул багытта дагы көп иштер жасалууга тийиш. Биз бул темаларды талкуулап чыкканыбызга карабастан, чечимди талап кылган бир топ маселелер жана көйгөйлөр көмүскөдө кала берди. Анын ичинде биздин Институттун катышуусу менен ишке ашырылчу маселелер бар. Себеби Планга кошулган милдеттенмелердин бир бөлүгү жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү жана аларды Өнүктүрүү саясат институту сунуш кылган. Ошол себептен бул Пландын ишке ашырылышы үчүн биз да жооптуубуз жана аны аткаруу үчүн көп күч-аракет жумшоого тийишпиз”, - деп айтты Надежда ДОБРЕЦОВА.

Конференциянын программалык бөлүгү аяктагандан кийин Ачык Өкмөттүн Улуттук Форумунун атынан айрым мамлекеттик органдарга жана жарандык коомдун өкүлдөрүнө ыраазычылык каттары тапшырылды.





# Кыргыз Республикасынын ЖӨБ жөнүндө Кодексинин долбоорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун көчмө жыйыны

***2019-жылдын 23-24-декабрь күндөрү Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодексинин долбоорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун көчмө жыйыны өттү.***

Бул жыйынды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоору менен чогуу уюштурду. Аталган Долбоорду Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык агенттиги аркылуу Швейцария өкмөтү каржылайт жана ХЕЛВЕТАС менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келатат.

КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-июнундагы №240-т тескемеси менен КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодекстин долбоорун иштеп чыгуу боюнча мекеме аралык жумушчу топ түзүлгөн. 2019-жылдын сентябрынан баштап эксперттик топ ЖӨБ жөнүндө Кодекстин долбоорунун маңызын жана структурасын даярдай баштаган. 17-декабрда анын жыйынтыктары жумушчу топко берилди. Топтун жетекчиси, КР вице-премьер-министри К.А.Боронов буларды белгиледи: “Эгемендик алгандан берки жылдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу түптөлүп отуруп, өнүгүү жолуна түштү. “Кыргыз Республикасы: аймактарды өнүктүрүү боюнча улуттук диалог” аттуу конференцияда президент Сооронбай Жээнбеков белгилегендей, жергиликтүү өз алдынча башкаруу кодексин иштеп чыгууга мезгил жетти”. Бул жыйындын жыйынтыгы боюнча маалыматты угуп, талкуу өткөн соң бир аптанын ичинде эгерде бар болсо, ой-пикирлерди жазуу түрүндө берүү тапшырылды. Бул семинар түшкөн сунуштарды карап чыгып, келечектеги Кодекстин өзөктүк маселелери боюнча бир пикирге келүү максатында уюштурулган.

Иш-чарага жумушчу топтун мүчөлөрү, мамлекеттик башкаруу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатындагы эксперттер, ошондой эле ЖӨБЭММАнын, КР ЖӨБ Союзунун өкүлдөрү, Бишкек шаардык мэриясынын жана долбоордун кызматкерлери катышты.

ЖӨБЭММАнын төрагасынын орун басары Мурат Байдылдаев Кодекстин долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү бардык мыйзам чыгаруу базасын бирдиктүү документке бириктирүү максатын көздөй турганын белгиледи.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдар чачыранды, ченемдердин басымдуу бөлүгү тармактык мыйзамдарда бар, көп ченемдер бири-бирине карама-каршы келет. Кодекс мындай кемчиликтерди, боштуктарды четтетүү максатын көздөйт”, - деп белгиледи жумушчу топтун мүчөсү, эксперт Анарбек Исмаилов.

Жумушчу топтун жыйынында Кодекстин соңку структурасы макулдашылып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү актуалдуу маселелер талкууланды. Бул көйгөйлөрдү чечүү даярдалып жаткан Кодекстин маанилүү максаттарынын бири болуп саналат.

Жумушчу топ Кодекстин долбоорун даярдоого киришти.

# Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги каржылаган «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси ***Нургуль ЖАМАНКУЛОВА*** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – ***Сабина ГРАДВАЛЬ,*** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ



## ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү демилгелерин кантип колдой алат?

***Чүй облусундагы алты элеттик муниципалитеттин ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттарынын өкүлдөрү жергиликтүү демилгелерди колдоо аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жамааттын реалдуу катышуусун жогорулатуу аспаптары боюнча жаңы билимге жана көндүмдөргө ээ болушту.***

2019-жылдын 31-октябрь жана 1-ноябрь күндөрү Бишкекте практикалык тренинг өттү. Тренингге Кызыл-Туу жана Күнтуу (Сокулук району), Бурана (Чүй району), Гроздь жана Аламүдүн (Аламүдүн району), Юрьевка (Ысык-Ата району) жана Петровка (Москва району) айылдык аймактарынын өкүлдөрү чакырылды.

Тренингдин жүрүшүндө катышуучулар жергиликтүү демилгелерге колдоо көрсөтүү бюнча эл аралык жана кыргызстандык тажрыйбалар менен таанышып, КРдагы жергиликтүү демилгелердин укуктук негиздери, ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө Жобону киргизүүнүн жол-жоболору тууралуу маалымат алышты.

Катышуучулар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган түрдүү темаларга конкурстарды өткөрүү үчүн кулактандырууну жана долбоордук сунуштарды даярдашты. Мисалы, Күнтуу аймагы: “Спортту өнүктүрүү аркылуу жаштарды бириктирүү”, Кызыл-Туу аймагы: “Айылдын көчөлөрү, чогуу жооп берели!”, Бурана аймагы: “Сейил бакты тосмолоо”, Юрьевка аймагы: “Маданиятты өнүктүрүү”, Гроздь аймагы: “Сейил бакты көрктөндүрүү – бул жаштарга бош убакытты туура пайдалануусу үчүн шарт түзүү”, Аламүдүн аймагы: “Жаштар арасында “Ыр кесе” сынагы”, Петровка аймагы: “Көчөлөрдү жарыктандыруу”. Тренингдин жыйынтыгы боюнча ар бир муниципалитет Жобону киргизүү боюнча өз иш планын даярдап, жооптуу адамдарды жана аткаруу мөөнөтүн көрсөттү.

Катышуучулар жергиликтүү демилге ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ишин аткарбашы керектигин белгилешти.

Ушул өңдүү тренингдер Нарын жана Ош облустарында Долбоордун өнөктөш жана максаттуу муниципалитеттери үчүн да өткөрүлүп келатат.

***2019-жылы Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарып келген "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору Чүй, Ош жана Нарын облустарынын ЖӨБ органдарынын (айыл өкмөттөрү жана Кемин шаарынын мэриясы) арасында төрт конкурс жарыялаган (http://vap.kg/ky/about_project/vacancies/).***

***Жалпысынан аталган төрт конкурска 174 табыштама келип түшкөн жана алардын жыйынтыгы 2019-жылдын ноябрь айынын соңунда чыгарылды.***

***Бардык конкурстардын байге каражаттары жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдары бирге аракеттешүүсүн жакшыртууга, анын ичинде коомдук иш-чараларды өткөрүүгө арналган жабдууну сатып алууга багытталды.***

***Төрт конкурстун жалпы байге фонду 3 миллион 165 миң сомду түздү.***

# "Жергиликтүү демилге – 2019" конкурсунун жыйынтыгы

***Конкурс 2019-жылдын 15-июнунан 15-сентябрына чейинки мезгил аралыгында өттү. Жалпысынан конкурска 100 өтүнмө түштү.***

Конкурстук комиссиянын курамы:

- КОШМАНБЕТОВ А.А., КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын мамлекеттик программаларды жана долбоорлорду пландоо жана координациялоо секторунун жетектөөчү адиси;
- ИМАНОВ К.А., КР ЖӨБ Союзунун директорунун орун басары;
- МУСАЕВА А.М., Долбоордун өкүлү;
- ИСМАИЛОВ А.К., ӨСИнин өкүлү.

Конкурстук комиссия пилоттук аймактардын катышуучуларынан түшкөн 100 өтүнмөнү карап чыгып, аларга баа берип, төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. "Жергиликтүү демилге" конкурсунун жеңүүчүлөрү деп төмөнкүлөр табылды:
   - **1-орун** – "Таза суу – келечек муунду сактап калуу", өтүнмөнүн ээси – КАНЫМБЕКОВ Адилет, Чүй облусунун Сокулук районунун Күнтуу айылдык аймагынын айылдык кеңешинин депутаты, 150 000 сомго байге ыйгарылат.
   - **2-орун** – "Таза суу – ден соолуктун булагы", өтүнмөнүн ээси – ПИРМАТОВ Тойчубай, Ош облусунун Ноокат районунун Көк-Жар айылдык аймагынын айылдык кеңешинин депутаты, 120 000 сомго байге ыйгарылат.
   - **3-орун** – "Суу – бул керемет, суу – бул жашоо", өтүнмөнүн ээси – АБДРАХМАНОВА Жамиля, Чүй облусунун Аламүдүн районунун Гроздь айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн адиси, 100 000 сомго байге ыйгарылат.
2. 25 өтүнмө 35 000 сомго чейинки шыктандыруучу байгеге ээ болду:
   - "Суу – жашоо булагы" (өтүнмөнүн ээси – ЖАБИЕВ Адил), Кызыл-Суу АА, Ош облусунун Кара-Суу району;
   - "Айылды көрктөндүрүү" (өтүнмөнүн ээси – КОШМОКОВА Назгүл, АӨнүн жетектөөчү адиси), Жазы АА, Ош облусунун Өзгөн району;
   - "Бала бакчадан түшкөн пайданы жайытка" (өтүнмөнүн ээси – ИСАКОВА Үпөл, мектепке караштуу бала бакчанын директору), Чоң-Алай АА, Ош облусунун Чоң-Алай району;
   - "Таза суу – жашоо булагы" (өтүнмөнүн ээси – ЛЕБУЗОВ Шамур, демилгелүү топтун мүчөсү), Александровка АА, Чүй облусунун Москва району;
   - "«Байыш нуру» бала бакчасын таза суу менен камсыз кылуу" (өтүнмөнүн ээси – МАМАТОВА Кызайым, бала бакчанын директору), Кеңеш АА, Ош облусунун Ноокат району;
   - "Демилгелүү жаштардын борбору. Элеттик жаштар өнүгүү жолунда" (өтүнмөнүн ээси – ОРОЗАЛИ уулу Таалайбек, мугалим), Ленин АА, Ош облусунун Алай району;
   - "Окуучулардын коопсуздугу – ата-энелердин санаасы" (өтүнмөнүн ээси – ЖАЛИЛОВ Нурбек, мектептин директору), Кашка-Суу АА, Ош облусунун Чоң-Алай району;
   - "Суу – бул жашоо" (өтүнмөнүн ээси – ЖОЛДОШЕВ Максатбек), Найман АА, Ош

облусунун Ноокат району;

- “Алыш айылынын инфраструктурасын жакшыртуу” (өтүнмөнүн ээси – АБДЫКАДЫРОВ Адилет, АУА адиси) Дөбөлү АА, Нарын облусунун Нарын району;
- “Маданият үйү таланттарды ачат” (өтүнмөнүн ээси – БЕЙШЕКЕЕВА Чолпон, АӨнүн башкы адиси), Кочкорбаев АА, Чүй облусунун Ысык-Ата району;
- “«Зам-Зам» ТСКАКБнын иши” (өтүнмө ээси – ТОКТОСУН кызы Зубайда, китепканачы), Ак-Жар АА, Ош облусунун Өзгөн району;
- “Биз – келечек, ал эми келечек жаштардыкы” (өтүнмөнүн ээси – НАДЫРОВА Тахмина, юрист), Ленин АА, Чүй облусунун Аламүдүн району;
- “Ачык асман алдындагы музей” (өтүнмөнүн ээси – УЗЕКЕЕВА Зуура, мектептин директору), Бурана АА, Чүй облусунун Чүй району;
- “Тартип бар жерде тазалык да болот” (өтүнмөнүн ээси – АЛИЯСКАРОВ Бакыт, муниципалдык ишкананын директору), Ак-Муз АА, Нарын облусунун Ат-Башы району;
- “Бала күлсө, дүйнө да кубанат” (өтүнмөнүн ээси – ЫСАКБАЕВА Азадахан, бала бакчанын директору), Маңгыт АА, Ош облусунун Араван району;
- “Көчөлөрдү жарыктандыруу” (өтүнмөнүн ээси – БАТЫРКУЛОВА Элнура, АӨнүн адиси), Ак-Тал АА, Нарын облусунун Ак-Талаа району;
- “Достук – ийгиликтин ачкычы” (өтүнмөнүн ээси – ЭСЕНГЕЛДИЕВ Жакия, айыл тургуну), Чаек АА, Нарын облусунун Жумгал району;
- “Тазалык – бардыгы үчүн” (өтүнмөнүн ээси – САДЫКОВ Болот, АӨнүн адиси), Кара-Суу АА, Нарын облусунун Кочкор району;
- “Бөбөктөр жакшы жашоого татыктуу” (өтүнмөнүн ээси – ЖОЛДОШЕВА Айтихан, бала бакчанын директору), Шарк АА, Ош облусунун Кара-Суу району;
- “Келечекке карай жаңы жол” (өтүнмөнүн ээси – ӨМҮРАЛИЕВ Осмонбек, АӨ башчысы), Учкун АА, Нарын облусунун Нарын району;
- “Балдар – биздин келечегибиз” (өтүнмөнүн ээси – САРБАЕВА Күлүмбүбү, мэриянын адиси), Кемин шаары, Чүй облусу;
- “Тигүүчү цех” (өтүнмөнүн ээси – АМАТОВА Алима, демилгелүү топтун лидери), Ылай-Талаа АА, Ош облусунун Кара-Кулжа району;
- “Айылды ар тараптан өнүктүрүү” (өтүнмөнүн ээси – КАЛЫБЕК уулу Бектур) Мады АА, Ош облусунун Кара-Суу району;
- “Ден соолугу бекем адамдын акылы да тунук болот” (өтүнмөнүн ээси – ДЕНИСЕНКО Татьяна, мугалим), Юрьевка АА, Чүй облусунун Ысык-Ата району;
- “Элеттиктердин достугу – өнүгүүнүн өзөгү”, (өтүнмөнүн ээси – ШИШБАШЕВА Бактыгүл, АӨнүн ээси), Таш-Мойнок АА,Чүй облусунун Аламүдүн району.

3. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ушул Протоколго бардык тараптар кол койгондон кийин үч күндүн ичинде конкурстун жыйынтыктарын Долбоордун сайтына жарыяласын.
4. Долбоор жеңүүчүлөрдү жазуу түрүндө кабарландырып, байге фондун колдонуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзсүн.
5. Долбоорго конкурстун шарттарына ылайык байгенин суммасына материалдык-техникалык каражаттарды сатып алуу тапшырылсын.

# “Жарандардын жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө реалдуу катышуусу – 2019” конкурсунун жыйынтыгы

***Конкурс Кыргыз Республикасынын Ош, Нарын жана Чүй облустарынын муниципалитеттери арасында өткөрүлгөн.***

Комиссиянын курамы.

- ИСАЛИЕВА В.А., КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын ЖӨБ органдарынын ишин уюштуруу, методикалык жана маалыматтык колдоо көрсөтүү башкармалыгынын жетекчиси;
- НУРУМБЕТОВ С.Б., КР Финансы министрлигинин Жергиликтүү бюджеттерди пландоо жана мониторинг жүргүзүү башкармалыгынын бюджет аралык мамилелер саясаты бөлүмүнүн жетекчиси;
- МАМЫТОВ А.Т., Долбоордун өкүлү;
- ИСМАИЛОВ А.К., ӨСИнин өкүлү.

Конкурстук комиссия пилоттук аймактардын катышуучуларынан түшкөн 35 өтүнмөнү карап чыгып,

аларга баа берип, төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. "Жарандардын жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө реалдуу катышуусу" конкурсунун жеңүүчүлөрү деп төмөнкү өтүнмөлөр табылсын:
   - **1-орун** – Көк-Жар АА, Ош облусунун Ноокат району, 150 000 сом суммасына байге ыйгарылсын;
   - **2-орун** – Кочкорбаев АА, Чүй облусунун Ысык-Ата району, 120 000 сом суммасына байге ыйгарылсын;
   - **3-орун** – Гроздь АА, Чүй облусунун Аламүдүн району, 100 000 сом суммасына байге ыйгарылсын.
2. Төмөнкү 17 өтүнмө 35 000 сомго чейинки шыктандыруучу байгеге ээ болду:
   - Гүлистан АА, Ош облусунун Ноокат району;
   - Ак-Кудук АА, Нарын облусунун Нарын району;
   - Биринчи май АА, Чүй облусунун Москва району;
   - Бурана АА, Чүй облусунун Чүй району;
   - Дөбөлү АА, Нарын облусунун Нарын району;
   - Ак-Суу АА, Чүй облусунун Москва району;
   - Жазы АА, Ош облусунун Өзгөн району;
   - Терек АА, Нарын облусунун Ак-Талаа району;
   - Чаек АА, Нарын облусунун Жумгал району;
   - Александровка АА, Чүй облусунун Москва району;
   - Краснореченка АА, Чүй облусунун Ысык-Ата району;
   - Курама АА, Чүй облусунун Панфилов району;
   - Ак-Башат АА, Чүй облусунун Жайыл району;
   - Бүлөлү АА, Ош облусунун Алай району;
   - Кызыл-Тоо АА, Ош облусунун Өзгөн району;
   - Учкун АА, Нарын облусунун Нарын району;
   - Ылай-Талаа АА, Ош облусунун Кара-Кулжа району.
3. ЭУЖӨБОЖ Долбоору ушул Протоколго бардык тараптар кол койгондон кийин үч күндүн ичинде конкурстун жыйынтыктарын Долбоордун сайтына жарыяласын.
4. Долбоор жеңүүчүлөрдү жазуу түрүндө кабарландырып, байге фондун колдонуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзсүн.
5. Долбоорго конкурстун шарттарына ылайык байгенин суммасына материалдык-техникалык каражаттарды сатып алуу тапшырылсын.

# "Жергиликтүү жамааттын муктаждыктарын эсепке алуу менен жергиликтүү деңгээлде пландоо – 2019" конкурсунун жыйынтыгы

***Конкурс 2019-жылы биринчи жолу өткөрүлдү, бирок буга карабастан 26 өтүнмө түштү.***

Конкурстук комиссиянын курамы:

- ДАВЛЕТБАКОВА В.А., КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын мамлекеттик программаларды жана долбоорлорду пландоо жана координациялоо секторунун жетекчиси;
- ИМАНОВ К.А., КР ЖӨБ Союзунун директорунун орун басары;
- МАЙРАМБЕКОВ С.А., Долбоордун өкүлү;
- ИСМАИЛОВА А.К., ӨСИнин өкүлү.

Конкурстук комиссия пилоттук аймактардын катышуучуларынан түшкөн 26 өтүнмөнү карап чыгып, аларга баа берип, төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. "Жергиликтүү жамааттын муктаждыктарын эсепке алуу менен жергиликтүү деңгээлде пландоо" конкурсунун жеңүүчүлөрү деп төмөнкү өтүнмөлөр табылды:
   - **1-орун** – Жазы АА, Ош облусунун Өзгөн району, 100 000 сом суммасына байге ыйгарылсын.
   - **2-орун** – Көк-Жар АА, Ош облусунун Ноокат району, 80 000 сом суммасына байге ыйгарылсын.
   - **3-орун** – Ленин АА, Чүй облусунун Аламүдүн району, 70 000 сом суммасына байге ыйгарылсын.
2. Төмөнкү 6 өтүнмө 35 000 сомго чейинки шыктандыруучу байгеге ээ болду:
   - Кочкорбаев АА, Чүй облусунун Ысык-Ата району;
   - Күнтуу АА, Чүй облусунун Сокулук району;

- Кызыл-Туу АА, Чүй облусунун Сокулук району;
- Чоң-Алай АА, Ош облусунун Чоң-Алай району;
- Ак-Тал АА, Нарын облусунун Ак-Талаа району;
- Фрунзе АА, Чүй облусунун Панфилов району.

3. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ушул Протоколго бардык тараптар кол койгондон кийин үч күндүн ичинде конкурстун жыйынтыктарын Долбоордун сайтына жана “Муниципалитет” журналына жарыяласын.
4. Долбоор жеңүүчүлөрдү жазуу түрүндө кабарландырып, байге фондун колдонуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзсүн.
5. Долбоорго конкурстун шарттарына ылайык байгенин суммасына материалдык-техникалык каражаттарды сатып алуу тапшырылсын.

# Кайсы Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун тажрыйбасы мыкты деп таанылды?

***Бул конкурс коомчулуктун катышуусу менен жергиликтүү деңгээлде мониторинг системасын киргизүү тажрыйбасына дем берүү максатында “Жергиликтүү демилге – 2019” сынагынын алкагында өткөрүлдү.***

Конкурстук комиссиянын курамы:

- КОШМАНБЕТОВ А.А., КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын мамлекеттик программаларды жана долбоорлорду пландоо жана координациялоо секторунун жетектөөчү адиси;
- ИМАНОВ К.А., КР ЖӨБ Союзунун директорунун орун басары;
- БАЛАКУНОВА А.Ж., Долбоордун өкүлү;
- ИСМАИЛОВА А.К., Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлү;

Конкурстук комиссия пилоттук аймактардын катышуучуларынан түшкөн 13 өтүнмөнү карап чыгып, аларга баа берип, төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. “Жергиликтүү демилге” (Коомчулуктун катышуусу менен жергиликтүү деңгээлде мониторинг системасын киргизүү тажрыйбасына дем берүү үчүн атайын фонд) конкурсунун жеңүүчүлөрү деп төмөнкү өтүнмөлөр табылды:
   - **1-орун** – Александровка АА, Чүй облусунун Москва району, 100 000 сом суммасына байге ыйгарылсын.
   - **2-орун** – Чоң-Алай АА, Ош облусунун Чоң-Алай району, 80 000 сом суммасына байге ыйгарылсын.
   - **3-орун** – Чаек АА, Нарын облусунун Жумгал району, 70 000 сом суммасына байге ыйгарылсын.
2. Төмөнкү 7 өтүнмө 35 000 сомго чейинки шыктандыруучу байгеге ээ болду:
   - Кочкорбаев АА, Чүй облусунун Ысык-Ата району;
   - Бурана АА, Чүй облусунун Чүй району;
   - Көк-Жар АА, Ош облусунун Ноокат району;
   - Боролдой АА, Чүй облусунун Кемин району;
   - Гүлистан АА, Ош облусунун Ноокат району;
   - Кызыл-Туу АА, Чүй облусунун Сокулук району;
   - Маңгыт АА, Ош облусунун Араван району;
3. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ушул Протоколго бардык тараптар кол койгондон кийин үч күндүн ичинде конкурстун жыйынтыктарын Долбоордун сайтына жана “Муниципалитет” журналына жарыяласын.
4. Долбоор жеңүүчүлөрдү жазуу түрүндө кабарландырып, байге фондун колдонуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзсүн.
5. Долбоорго конкурстун шарттарына ылайык байгенин суммасына материалдык-техникалык каражаттарды сатып алуу тапшырылсын.





# Шейцариянын Кыргыз Республикасындагы элчиси Нарын облусунун Кара-Суу айылдык аймагынын ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү менен жолугушту

***Жолугушуу Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Ыйгарым укуктуу жана Чукул Элчиси Вероник УЛЬМАНН айымдын Нарын облусундагы расмий сапарынын алкагында өттү.***

2019-жылдын 28-ноябрында Нарын облусунун Кочкор районундагы Кара-Суу элеттик муниципалитетинде ЖӨБ органдары менен Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин өкүлдөрү менен жолугушуу өттү. Жолугушууга Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Ыйгарым укуктуу жана Чукул Элчиси Вероник УЛЬМАНН айым, Элчиликтин өкүлдөрү Люсьен ЭГЕРТЕР мырза жана Тунжур КУДАБАЕВ мырза, Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Сүйүндүк ТАБЫЛДИЕВ, айылдык кеңештин төрагасы Канат ЖУМАБЕКОВ жана депутат Динара МАКСҮТОВА, Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун төрагасы, Долбоордун айылдык аймактагы координатору Болот САДЫКОВ жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ, жетекчинин орун басары Сабина ГРАДВАЛЬ, облустагы координаторлор Акысбек ДОСОЕВ жана Табылды БАЙБАГЫШЕВ катышты.

Жолугушуунун жүрүшүндө Кара-Суу муниципалитетинин акыркы үч жылда Долбоорду ишке ашыруунун алкагында жетишилген жыйынтыктары, алынган сабактар, техникалык жардамы жана мындан аркы кызматташтыктын келечеги талкууланды.

“Бул убакыт ичинде биз көп нерсени үйрөнүп, жаңы билим алдык деп айтканыбыз аздык кылат. Биздин “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору менен кызматташтыгыбыз чындап эле көп кадыресе нерселерге көзүбүздү ачты, биз аларды мурда элес алчу эмес экенбиз. Мисалы, жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо жана коомдук бюджеттик угуулар. Бул эки аспаптын жардамы менен биз жергиликтүү калк менен диалогду түзө алдык. Мурда биз бюджетти кантип бөлүштүрүп келгенбиз? Биз, ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттин каражатын жарыктандырууга, жолдорду оңдоого же дагы бир нерсеге багытташ керек деп калктын пикири менен эсептешпей эле айылдык кеңеш менен чогуу өзүбүз эле чечип койчубуз. Бирок бул маселелердин баары жергиликтүү калк менен талкууланышы керектигин, чогуу чечим кабыл алуу көптөгөн чыр-чатактардын алдын алууга жардам берээрин түшүндүргөндөн кийин биздин катабыз эмнеде болгонун баамдадык. Мындан тышкары жашоочулардын ар бир пикирин биз сын катары кабыл алчубуз. Эми болсо мындай сын бизге мындан да жакшы иштөөгө жардам берээрин түшүндүк. Мунун баары Долбоордун алкагында өткөн тренингдердин, семинарлардын, окуу сапарларынын, консультациялардын жана жөн гана пикир алмашуунун натыйжасында болду”, - деп айтты

айыл өкмөт башчысы Сүйүндүк ТАБЫЛДИЕВ.

Жолугушууда гендердик теңдик, аялдардын жергиликтүү маанидеги чечимдерди кабыл алууга катышуусу, социалдык маселелерди аныктап, аларды көтөрүп чыгуудагы аялдардын ролу тууралуу маселе да козголду. Муниципалитетте бул маселе боюнча кырдаалды айылдык кеңештин депутаты Динара МАКСҮТОВА айтып берип, алдыдагы шайлоодо аял депутаттар көбүрөөк болот деп үмүт артты.

Тараптар ошондой эле бюджеттик процессте ЖӨБ органдарынын ишинде ачык-айкындуулукту камсыз кылуунун маанисин, көмөкчү аспаптардын жана окутуучу иш-чаралардын ролун талкуулашты.

Долбоордун айылдык аймактагы координатору Болот САДЫКОВ жарандык бюджетке өзгөчө басым жасады. Анын ырасташынча, жергиликтүү бюджеттин киреше булактары жана чыгашалары тууралуу сөз болгондо жарандык бюджет калк менен иштөөдө алардын негизги жардамчысына айланды:“Дал ушул жарандык бюджет жергиликтүү бюджеттин каражатынын айланасындагы көптөгөн түшүнбөстүктөрдү жана көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берди. Анткени финансы-экономикалык бөлүм башчысынын техникалык отчету канчалык мыкты болбосун, аны түшүнүү өтө оор. Ал бюджетти адис гана түшүнөт. Ал эми жарандык бюджетте биз канча акча түшөөрүн, кайдан түшөөрүн, кайда сарпталаарын жалпак тил менен жеткиребиз. Мындан тышкары Долбоордун



жардамы менен биздин муниципалдык веб-сайт түзүлгөндөн бери биз болгон материалдарды күн мурдатан коомдук иш-чаралардын алдында сайтка жайгаштырганга аракет кылабыз. Ошондо адамдарда бардык сандар менен таанышып чыгууга мүмкүнчүлүгү да, убактысы да болот”.

Талкуу бүткөндөн кийин жолугушуунун катышуучулары Долбоор (Чакан гранттар программасынын алкагында) берген гранттык акчанын эсебинен оңдолуп чыккан элеттик клубду жана инвестицияларды тартуунун эсебинен курулган жаңы мектепти кыдырып чыгышты.

# Гранттык долбоорлордун туруктуулугун камсыз кылуу процессинде мониторинг жана баалоонун ролу

***2019-жылдын 8-декабрынан 18-декабрга чейинки мезгил аралыгында Ош, Нарын жана Чүй облустарынын аймагында “Жергиликтүү деңгээлде мониторинг жана баалоо системасынын механизмдери аркылуу долбоорлордун туруктуулугу” темасына тренинг өттү.***

Тренингге ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринен 60ка жакын өкүл келди, алардын ичинен 27си аялдар болду.

“Тренингдер мониторинг жана баалоо (МжБ) механизмдерин колдонуу менен долбоорлордун туруктуулугун пландоодо катышуучулардын потенциалын жогорулатуу максатында өткөрүлдү. Тренингдин жүрүшүндө анын катышуучулары – айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары, Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун мүчөлөрү долбоордун туруктуулугун пландоо боюнча жаңы билимге ээ болуп, буга чейин үйрөнгөн көндүмдөрүн жакшырта алышты. Ошондой эле долбоордун туруктуулугу үчүн план жана аспаптарды даярдашты, өз пландарын ишке ашыруу процессинде тараптардын ролун жана жоопкерчилигин аныкташты. Тренингдердин процессинде өзгөчө басым долбоорлорду баалоо критерийлерине жасалды. Бул болсо долбоордун туруктуулугун аныктоонун жана камсыз кылуунун аспаптарынын бири. Ал эми тренингдин практикалык бөлүгүндө катышуучулар долбоордун туруктуулугун баалоочу аспаптарды колдонуу менен жергиликтүү калктын арасында сурамжылоо жүргүзгөндү үйрөнүштү”, - деп айтып берди Долбоордун грант боюнча адиси, тренер Султан Майрамбеков.

Өткөрүлгөн тренингдердин жыйынтыктоочу продуктусу – ар бир муниципалитет үчүн долбоорлордун туруктуулугу боюнча жеке планы жана анкета (сурамжылоо үчүн) болуп калды. Мындан тышкары өз муниципалитеттерине кайтып келгенден кийин тренингдин катышуучулары жергиликтүү элдин арасында сурамжылоо жүргүзүп, ишке ашырылган гранттык долбоор боюнча кызмат көрсөтүүгө канааттануу деңгээли тууралуу маалымат алышты.



# ЖӨБЭММА жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчылары үчүн семинар өткөрүүдө

***Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү жылынын алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик 2019-жылдын 19-декабрында семинар өткөрдү. Кыргызстандын жети облусунан келген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчылары үчүн өткөн семинар "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги актуалдуу маселелер" деген темада болду.***

"Семинар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларынын дараметин жогорулатуу, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн мыкты практикасын жайылтуу үчүн тажрыйба алмашуу максатында уюштурулду. Семинардын алкагында катышуучуларга "Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттары – 2030" Улуттук серебин даярдоо боюнча жасалып жаткан иштер, Маалыматтык технологиялар жана байланыш боюнча мамлекеттик комитетке караштуу "Электрондук өз ара аракеттешүү борбору" мамлекеттик ишканасынын иши тууралуу маалымат берилди. Ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде Бузуулар жөнүндө кодексти колдонуудагы актуалдуу көйгөйлөр талкууланды", деп айтып берди ЖӨБЭММАнын директорунун орун басары Мурат БАЙДЫЛДАЕВ.

Семинардын жүрүшүндө Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө Типтүү жобо, Жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү тууралуу Типтүү жобо, Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча иш-аракеттер Планын (ККЖИП) даярдоо боюнча методикалык колдонмо тууралуу маалымат берилди.

Катышуучулардын айтымында, семинардын жардамы менен алар "ЖӨБОдогу жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча Жоболорду", "Айылдык аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын" даярдоо жана муниципалитеттер ортосундагы кызматташтык чөйрөлөрүндө тажрыйба алмашып, маалымат алышты.

Семинар Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору жана Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылап, ХЕЛВЕТАС Свисс Интеркооперейшн жана Өнүктүрүү саясат институту уюмдары консорциумда аткарган "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорлорунун колдоосу менен уюштурулду.